**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ**

email: esep@esep.kg +996 (312) 32 34 30 ◦ Факс: +996 (312) 32 35 11 ◦ Ишеним телефону: +996 (555) 50 09 85

ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ




# 2021

www.esep.kg

Бишкек 2022

Ушул отчёт “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 101-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесине ылайык берилет жана 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2021-жылдагы иши жөнүндө отчёту “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан 2022-жылдын 22-апрелинде №01-26/61 токтому менен бекитилген.

Отчеттун мазмуну жана басылманы жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Н. Исанов көчөсү, 131, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы дареги боюнча кайрылса болот.
Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 35 11,
электрондук почта: esep@esep.kg, веб-сайт: www.esep.kg



## Урматтуу окурмандар!

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы катары, өз ишин мамлекеттин жана анын жарандарынын кызыкчылыгында гана жүргүзөт. Мамлекеттик аудитти ийгиликтүү жүргүзүү аркылуу, өлкөнүн бакубат жашоосун жогорулатууга өзүнүн салымын кошууда. Эсептөө палатасы өзүнүн ишинин ачыктыгын жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз иш жүргүзөт.

2021-жыл ошондой эле, мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу чыгымдалышынын үстүнөн контролдоону чыңдоого багытталган иш-аракеттер менен белгиленген. Аткарылган мындай милдеттердин бири катары, өзүнүн ыйгарым укугунун алкагында бюджеттик каражаттардын жана COVID-19 пандемиясы менен күрөшүү үчүн гранттык келип түшүүлөрдүн пайдаланылышына аудит жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү сунуштар берилген.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына өтүү боюнча чечүүчү кадамды кабыл алган, аудитордук ишти пландоо жана мамлекеттик аудиттин алдыңкы практикасын колдонуу чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты чыңдоо процессин оптималдоо боюнча активдүү иштерди жүргүздү.

Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши жана Өкмөтү (Министрлер Кабинети) менен тыгыз кызматташуу жүргүзүлүп турат. Бул институттардын сунуштары, Эсептөө палатасынын иш пландарында эске алынат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (Министрлер Кабинети) менен өз ара аракеттенишүү алкагында, Эсептөө палатасы тарабынан мамлекеттик бюджеттин каражаттарын рационалдуу пайдалануу, жалпы мамлекеттик коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу, ошондой эле бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды жакшыртуу бөлүгүндө маанилүү маселелер көтөрүлгөн.

Сиздерге берилип жаткан отчет, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралар, кадр саясаты, эл аралык мамилелерди өнүктүрүү, аудитордук мыкты практикаларды жана аудиттин эл аралык стандарттарын интеграциялоо жөнүндө маалыматтарды камтуу менен, 2021-жылы жетишилген Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматты камтыйт.

***Урматтоо менен,***

***Эсептөө палатасынын төрагасы,***
***Алмазбек Акматов***

**МАЗМУНУ**

**Киришүү** .................... 3
**1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы** .................... 4
1.1 INTOSAI Өнүктүрүү демилгесинин “Аудиттин жогорку органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо системасы” методологиясын колдонуу менен, Эсептөө палатасынын ишин ички баалоо .................... 4
1.2 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы .................... 4
**2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү** .................... 5
2.1 Аудитордук иштин жыйынтыктары .................... 5
2.2 Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы .................... 14
2.3 Бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча сунуштар жана сунуштамалар .................... 15
**3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери** .................... 18
3.1 Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы .................... 18
3.2 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы .................... 24
3.3. 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы .................... 27
**4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары** .................... 28
4.1 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 17-февралындагы № 4405-VI жана 2021-жылдын 24-февралындагы № 4422-VI токтомдору менен түзүлгөн «Кумтөр» алтын кенин иштетүүнүн натыйжалуулугун изилдөө боюнча мамлекеттик комиссиянын ишине катышуу 28
4.2. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн биргелешкен контролдук иш-чаралар 29
4.3. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жөнүндө мыйзам долбоорлоруна, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөргө карата корутундулар .................... 30
**5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу** .................... 36
5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (Министрлер Кабинети), мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү .................... 36
5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү .................... 37
5.3. Эл аралык кызматташуу .................... 38
5.4. Коомчулук менен байланышуу .................... 41
5.5. Жарандардын кайрылуулары боюнча иштөө .................... 42
**6. Коррупцияга каршы иш-чаралар** .................... 42
**7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо** .................... 43
7.1. Методологиялык камсыздоо .................... 43
7.2. Кадрдык камсыздоо .................... 44
7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү .................... 47
7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо .................... 48
**Корутунду** .................... 49

# Киришүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2021-жылдагы иши жөнүндө ушул отчёт, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругу[1] менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары – Эсептөө палатасы) аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Бул отчёт Эсептөө палатасына жүктөлгөн функцияларды аткаруу боюнча Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат, анда 2021-жылы жүргүзүлгөн, Эсептөө палатасынын Кеңешинин жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн отурумдарынын чечимдери менен бекитилген аудит жыйынтыктары берилген.

Отчётто ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чарлардын сапатын андан ары жакшыртууга багытталган уюштуруу иш-чаралары, өз ишмердүүлүгүнүн максималдуу ачыктыгын камсыз кылуучу, уюштурулган иш-чаралардын жүзөгө ашырылышы, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш-чаралар, ички жана тышкы жол-жоболорду санариптештирүү, жүргүзүлгөн аналитикалык иш-чаралар, жаңы методологиялык иштеп чыгуулар, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды улантуу, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу иши, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Эсептөө палатасынын иштешинин бир катар жана башка аспекттери жөнүндө маалыматтар камтылган.

Ошондой эле, отчётто Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши, Өкмөтү (азыр Министрлер Кабинети), мамлекеттик жана укук коргоо органдары менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө маалыматтар берилген.

Отчеттук жылы аудиттин жогорку органдары аудиттин эл аралык стандарттарына өтүүсү боюнча бир кыйла иштер жүргүзүлдү. Борбордук аппараттын көпчүлүк аудитордук иш-чаралары эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлдү, “Шайкештик аудитин жүргүзүү боюнча методикалык колдонмо” жеткире иштелип чыкты. Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, аудитордук иш-чараларды жүргүзүү боюнча Борбордук аппараттын кызматкерлеринин ийгиликтүү тажрыйбасы, 2022-жылы Эсептөө палатасынын бардык аймактык бөлүнүштөрү тарабынан, аудиттин эл аралык стандарттары боюнча аудитордук иш-чараларды жүргүзүүгө толук өтүү мүмкүнчүлүгүн берген.

2019-2023-жылдарга Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиясын өнүктүрүү стратегиясынын милдеттерин ишке ашыруу максатында, Эсептөө палатасы тарабынан финансылык тартип бузууларынын жана башка бузуулардын классификатору иштелип чыккан жана колдонулууда.

Аудиттин эл аралык стандарттарына мамлекеттик аудиттин толук өтүү максатында, Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн ички баалоонун негизинде, 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштелип чыккан.

COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышын алдын алуу боюнча иш-аракеттердин күчүнө кирген алгоритми сакталуу менен, аудитордук иш-чаралар обочолонгон форматта өткөрүлгөн мурунку отчеттук жылга салыштырмалуу, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жана отчеттук жылга карата Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган финансылык тартип бузууларынын көлөмү билинерлик көбөйгөндүгүн, белгилей кетүү керек.

[1] 2008-жылдын 21- майындагы №1-12/95

# 1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы

## 1.1 INTOSAI Өнүктүрүү демилгесинин “Аудиттин жогорку органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо системасы” методологиясын колдонуу менен, Эсептөө палатасынын ишин ички баалоо

2021-жылы INTOSAI Өнүгүү демилгесинин “Стратегия, натыйжалуулукту баалоо жана отчеттуулук” программасынын алкагында, “Аудиттин жогорку органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо системасы” методологиясынын негизинде, Эсептөө палатасынын ишин ички баалоо аяктаган.

“Стратегия, натыйжалуулукту баалоо жана отчеттуулук” программасы стратегиялык жана ыкчам пландоонун ишенимдүү процессин жайылтуу, ошондой эле мониторинг жүргүзүүнүн жана отчеттуулуктун натыйжалуу тутумун түзүү аркылуу, стратегиялык башкаруунун бүтүндөй цикл аралыгында пландоону, мониторинг жүргүзүүнү жана алардын натыйжалуулугун башкарууну жакшыртууда, Аудиттин жогорку органдарын (АЖО) колдоого багытталган.

АЖОнун натыйжалуулугун баалоо тутуму (АЖО НБТ), башка эл аралык стандарттар менен таанылган тышкы мамлекеттик аудиттин талаптагыдай практикасына жана аудиттин эл аралык стандарттарына (ISSAI) ылайык, АЖОнун ишин ыктыярдуу баалоо үчүн, факты жүзүндө маалыматтарга негизделген негизди жана бүтүндүктү көрсөтөт.

Бул баалоого ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын көз карандысыздыгы жетиштүү жогорку деңгээлде кепилденген Эсептөө палатасы бардык мамлекеттик операцияларга жана аны менен байланышкан иш-аракеттерге аудит жүргүзүү үчүн, жетиштүү түрдөгү кеңири мандатка ээ. Эсептөө палатасында ички контролдоо системасы бар. Бүгүнкү күнү Эсептөө палатасы аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу боюнча иш жүргүзүп жатат, ошонун натыйжасында колдонмолор иштелип чыккан.

Бул баалоонун жыйынтыгы, 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп калды.

## 1.2 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы

INTOSAI Өнүгүү демилгесинин колдоосу менен, отчеттук жыл ичинде Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан, Эсептөө палатасынын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Жогоруда белгиленгендей, Өнүктүрүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгуунун алдында, Эсептөө палатасы АЖО НБТ тутуму боюнча ички баалоону жүргүзгөн жана баалоо жыйынтыгы боюнча, стратегиялык максаттар белгиленген. Стратегияны иштеп чыгууда, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы, 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жана 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү жаатындагы максаттар эске алынган.

Стратегиянын негизги максаттары болуп мамлекеттик финансыны башкаруунун натыйжалуулугун, ачык-айкындыгын жана отчеттуулугун күчөтүүгө көмөк көрсөтүү жана Эсептөө палатасынын ачык-айкындыгын, отчеттуулугун жана кесипкөйлүгүн камсыздоо болуп аныкталды.

Мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу, ачык-айкын жана отчеттуулугун башкарууга жардам берүү максатында, аудиттин эл аралык стандарттарына туура келген натыйжалуулук, шайкештик жана финансылык аудиттерди жүргүзүүнү өнүктүрүү пландалууда. Стратегиялык планды ишке ашыруу мөөнөтүндө, аудиттердин сапатын жогорулатуу максатында Эсептөө палатасынын аудиттери эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлөт. Эсептөө палатасынын ачык-айкындыгын, отчеттуулугун жана кесипкөйлүгүн камсыздоо үчүн, кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенишүү чыңдалат. Стратегиянын негизги максаттары жана милдеттери төмөндө берилген.

2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын жыйынтыктарынын түзүмү

| **МИЛДЕТТЕРИ** | **МАКСАТТАРЫ** |
|---|---|
| • **Натыйжалуулук аудитти**<br>• **Шайкештик аудитти**<br>• **Финансылык аудитти киргизүү жана колдонуу** | **Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу, ачык-айкын жана отчеттуу башкаруу** |
| • **Аудит отчетторун, АЖО НБТ жана аудиттик этиканын балоосунун жыйынтыктарын жарыялоо**<br>• **КР Президенти, КР ЖК, КР КМ, ЖМК жана коомчулук менен өз ара аракеттенишүү** | **Кызыкдар тараптар КР Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчет берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алышат** |




*КР Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгү тууралуу репортажды көрүү*

Стратегияны үзгүлтүксүз ишке ашыруу жана иш-чаралардын ырааттуулугун толук баяндоо үчүн, Эсептөө палатасынын жылдык планы иштелип чыккан. Кийинчерээк, кезектеги жылга иш планы, өткөн мезгилдеги иш пландын иш-чараларынын аткарылышынын натыйжасынан улам, Стратегиянын максаттары жана милдеттери менен тыгыз өз ара байланышта иштелип чыгат.

## 2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

### 2.1 Аудитордук иштин жыйынтыктары

2021-жылга бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, Эсептөө палатасы пландалган 125 аудитордук иш чара жүргүзгөн, алардын жүрүшүндө аудит объектилеринин 2 390 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер – 1 770, чарба жүргүзүүчү субъекттер – 265, жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекеме жана уюмдар – 351 жана башка уюмдар – 4. Аудитордук иш-чаралардын саны өткөн жылга салыштырмалуу 35 иш чарага көбөйгөн.

Аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү максатында, отчеттук мезгилде Эсептөө палатасынын борбордук аппараты үчүн, аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, 69 аудитордук иш-чара пландалгандыгын, белгилей кетүү керек, анын ичинен, натыйжалуулук аудити – 8 жана шайкештик аудити – 61. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча пландалган аудиттер ийгиликтүү өткөрүлгөн.

*1-таблица. 2021-жылы аудитордук иштин жалпы жыйынтыгы (млн сомдо)*

| Бузуулардын түрү | Аныкталган | Кайтарылууга тийиш | Кайтарылган |
|---|---|---|---|
| Финансылык тартип бузуулары<br>*анын ичинде эсепке алуу түрүндө:* | 28 288,1<br>*20 565,2* | 26 213,6<br>*20 564,1* | 18 474,1<br>*18 276,8* |
| Резервдер жана бюджеттин жоготуулары | 15 230,0 | 1 507,7 | 1 160,4 |
| Каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу | 891,0 | 230,3 | 69,2 |
| Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык тартип бузуулары | 373,3 | 89,4 | 0,5 |

Аныкталган бузууларынын жалпы суммасынан 28 041,0 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш болсо, анын ичинен 19 704,2 млн сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 70 пайызды түздү.


Белгилей кетчү нерсе, калыбына келтирүүгө тиешелүү болгон финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасынын ичинен 17 132,9 млн сом 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудитинин жыйынтыгы менен эсеп боюнча оңдолууга тиешелүү болгон ашыкча көрсөтүлгөн кредитордук карыз жана 2 383,7 млн сом Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-2020-жылдарга аудитинин жыйынтыгы менен аныкталган жашырылган дебитордук карыздар.

## Финансылык тартип бузуулары


*Финансылык тартип бузуулары катары, бюджеттик, фискалдык мыйзамдарды, суммалары негизинен тиешелүү бюджетке кайтарылууга тийиш болгон, бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бузуу болуп эсептелет.*

2021-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы **28 288,1 млн сом**. Аныкталган финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасынан **26 213,6 млн сом** калыбына келтирүүгө тийиш. **18 474,1 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 70 пайызды түзгөн.

*1-диаграмма. Финансылык тартип бузуулары боюнча жалпы жыйынтык (млн сомдо)*



*2-диаграмма. Аудит объектилери бөлүгүндөгү финансылык тартип бузуулары (млн сомдо)*




### *Аныкталган финансылык тартип бузууларынын түзүмү*

Түзүмдүк бөлүмдө аныкталган финансылык тартип бузуулары төмөндөгүдөй:

*2-таблица. Финансылык тартип бузууларынын түрлөрү боюнча (млн сомдо)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма** | **в %** |
|---|---|---|
| Дебитордук жана ашырылган кредитордук карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 20 565,2 | 72,70 |
| Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 5 428,9 | 19,19 |
| Каржылоо булактары жок туруп, бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 1 611,9 | 5,70 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 209,1 | 0,74 |
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 206,6 | 0,73 |
| Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 152,0 | 0,54 |
| Акча каражаттарынын жана материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу | 36,4 | 0,13 |
| Мамлекеттик кредиттерди жана бюджеттик ссудаларды максатсыз пайдалануу | 23,9 | 0,08 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 18,5 | 0,07 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 17,9 | 0,06 |
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 11,9 | 0,04 |
| Акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддер | 2,7 | 0,01 |
| Атайын каражаттардын максатсыз пайдаланылышы | 1,8 | 0,01 |
| Казыналыктын тутумунан сырткары пайдаланылган каражаттар | 1,3 | 0,00 |
| Социалдык фонддун каражаттарын максатсыз пайдалануу | 0,001 | 0,00 |
| **Бардыгы** | **28 288,1** | **100%** |

Таблицада көргөзүлгөндөй, финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасында 72,7 пайызды “Дебитордук жана ашырылган кредитордук карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар” боюнча 20 565,2 млн сом.

Жалпы суммадагы (20,5 млрд сом) 87,3кө жакын пайызы, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча

бузуулар аныкталган (17,9 млрд сом, анын ичинен: 17,1 млрд сом ашыкча көрсөтүлгөн кредитордук карыз болуп эсептелет).

Жогорудагы бузуулар негизинен процедуралык бузуулар мүнөзүнө көбүрөөк ээ, б.а. бухгалтердик эсептин толук кандуу жүргүзүлбөгөндүгү менен байланыштуу. Негизинен, бул бузуулар бухгалтердик жазууларды (эсеп боюнча) оңдоо аркылуу чечтетилет. Эреже катары, мындай бузуулар көпчүлүк учурда, аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсептин талаптарына шайкеш келтирилет. Мисалы, бул бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыздардын, же негизсиз ашырылган кредитордук карыз суммалары болушу мүмкүн.


*Толук маалымат Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы боюнча 3.1. бөлүмүндө жазылган.*

## Бюджеттин резервдери жана жоготуулары

*Бюджеттин резервдери болуп, тийиштүү иш чараларды жүргүзүүнүн натыйжасында мамлекеттик бюджетти толуктоочу кошумча каражат булактары саналат. Бюджеттин жоготуулары болуп, тийиштүү иш чаралардын өз учурунда жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында жана ишке ашпай калган мүмкүнчүлүктөрдүн айынан, орточо эсеп менен, мамлекеттик бюджетке түшпөй калган каражаттардын суммасы саналат.*

2021-жылы Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **15 230,0 млн сомду** түзгөн. Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын аныкталган жалпы суммасынан **1 507,7 млн сом** калыбына келтирүүгө тийиш. **1 160,4 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 77 пайызды түзгөн.

*3-диаграмма. Бюджеттин резервдери жана жоготуулары (млн сомдо)*




*Аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түзүмү*

Түзүмдүк бөлүмдө аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготуулары төмөндөгүдөй:

*3-таблица. Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түрү боюнча*

*(млн сомдо)*

| Көрсөткүч | Сумма | % |
|---|---|---|
| - Салык, бажы, жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары | 10 766,5 | 70,69 |


| | | |
|---|---|---|
| - Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар | 1 209,3 | 7,94 |
| - Товардык-материалдык баалуулуктардын (ТМБ) ченемден ашык чыгымдалышы | 323,1 | 2,13 |
| - Бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо | 150,7 | 0,99 |
| - Тарифтерди жана бааларды жогорулатуу | 18,7 | 0,12 |
| - Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары | 2 761,7 | 18,13 |
| **Бардыгы** | **15 230,0** | **100%** |

Таблицада көргөзүлгөндөй, аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын басымдуу үлүшүн "Бюджеттин башка резервдери жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча жана башка төлөмдөрдүн жоготуулары" түзөт (70,7%).

10 766,5 млн сом салык, бажы, жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча бюджеттин жоготууларынын ичинен 10 596,8 млн сом (98,4%) суммасындагы олуттуу үлүштү, 2020-жылга мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматында (МСК) жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган жоготуулар ээлейт. Аныкталган бюджеттин жоготуулары, 2022-жылга МСКнын бюджетин түзүү процессинде эске алынган.

Экинчи орунда "Бюджеттин жоготуулары жана башка резервдери" көрсөткүчү турат, анын суммасы аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын жалпы суммасынан 2 761,7 млн сомду (18,1%) түзөт. Бул категорияда бузуулардын башка категорияларында көрсөтүлбөгөн резервдердин жана жоготуулардын аныкталган суммасы көрсөтүлгөн. Мындай бузуулар 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча - 761,7 млн сом же 27,6% аныкталган. Ушундай эле бузуулар: Бишкек шаарынын мэриясында – 486,0 млн сом же 17,6%, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунда - 243,9 млн сом же 8,8%, "РСК Банк" ААКсында - 231,4 млн сом же 8,4%, КР Өкмөтүнө караштуу ММКФ - 218,5 млн сом же 7,9%, КР Өкмөтүнө караштуу Бажы кызматы – 191,4 млн сом же 6,9%, КР ЭМ - 165,1 млн сом же 6,0% жана башкалар – 463,7 млн сом же 16,8%.

*<u>4-диаграмма. Аудит объектилери бөлүгүндө бюджеттин резервдери жана жоготуулары (млн сомдо)</u>*




## Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар

> *Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын категориясына, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө финансылык тартип бузууларынын, каржылоодо эсепке алынбаган, жыл аягында бюджеттик мекемелердин кассаларындагы накталай акча каражаттарынын калдыктарынын, товардык - материалдык баалуулуктардын чегерилбеген ченемден ашык корлорунун, пландалган максаттарына жетпеген, белгилүү бир иш чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын аныкталган суммалары*

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан **891,0 млн сомго** рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан **230,3 млн сом** калыбына келтирүүгө тийиш болсо, анын ичинен **69,2 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 30 пайызды түзгөн.

*5-диаграмма. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар (млн сомдо)*




*4-таблица. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын түзүмү (млн сомдо)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма** | **%** |
|---|---|---|
| - Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар | 495,5 | 55,61 |
| - Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар | 368,0 | 41,30 |
| - Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар | 27,3 | 3,07 |
| - Жылдын аягында мекемелердин кассаларындагы бюджеттик накталай каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары | 0,2 | 0,02 |
| **Бардыгы** | **891,0** | **100%** |

Жогоруда келтирилгендерден улам, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасындагы абдан чоң үлүштү, “Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар” 495,5 млн сом суммасы, же рационалдуу эмес чыгымдалган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 55,6 пайызды түзөөрү көрүнүп турат.

Мындай бузуулар түрүнө, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын суммасы кирет, анын жүрүшүндө пландалган максатына жетпей калган (билим берүү окуу жайларынын окуу курсу толук аяктаганга чейин окуудан чыгарылган студенттердин окуусуна кеткен чыгымдар, колдонулбай турган, конкреттүү жабдууларды сатып алууга чыгымдалган бюджеттик каражаттар жана башкалар).

Бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу сумма 250,7 млн сомду (50,6%) түзгөн, ал 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган, ошондой эле бузуулар КР Экономика министрлигинде – 68,8 млн сом (13,9%) жана Бишкек шаарынын мэриясында – 41,2 млн сом (8,3%) аныкталган.

Көлөмү боюнча бузуулардын кийинки түрүнө "Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар" кирет, ал боюнча аныкталган сумма 368,0 млн сомду, же рационалдуу эмес чыгымдалган каражаттардын жалпы суммасынан 41,3 пайызды түзгөн. Алардын ичинен негизгилер төмөндө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган: КР ММКФ – 153,8 млн сом (41,8%), 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы – 71,4 млн сом (19,4%), КР Жогорку сотто – 49,5 млн сом (13,5%) жана башка объекттерде – 93,3 млн сом (25,3%).

## Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык тартип бузуулары

*Бул бузуулар бюджеттик каражаттар менен байланыштуу эмес. Негизинен мындай бузуулар, өзүнүн ишин чарбалык негизде жүргүзгөн мамлекеттик ишканаларга, ошондой эле мамлекеттин үлүшү 51 пайыздан ашыкты түзгөн акционердик коомдорго жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталат.*

Мамлекеттик органдардагы жана уюмдардагы финансылык тартип бузуулары менен катар, ошондой эле аудит тарабынан коомдук жана башка уюмдарда **373,3 млн сом** финансылык тартип бузуулары аныкталган.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан **89,4 млн сом** калыбына келтирүүгө тийиш болсо, анын ичинен **0,5 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 0,56 пайызды түзгөн.

Бул бузуулардын түрү боюнча олуттуу сумма, төмөндөгүлөрдө аныкталган: "Ош электр" ААКсында – 167,3 млн сом (44,8%), Кыргызстан Профсоюздар федерациясы – 99,7 млн сом (26,7%), КР ТжанаЖМ – 79,4 млн сом (21,3%) жана башка объекттерде – 26,9 млн сом (7,2%).

## Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит

КР Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы тарабынан жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит эки жылда бир жолу жүргүзүлөт[2].

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан 15 шаардын мэриясынын жана 316 айыл өкмөтүнүн бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит жүргүзүлгөн.

## Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы

15 шаардын мэрияларынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан, жалпы 4 583,2 млн сом суммасында **финансылык тартип бузуулары** аныкталган.

[2] 2021-жылдын 13-сентябрындагы № 118 өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен

*5-таблица. Бузуулардын түрү боюнча түзүм (млн сомдо)*

| **Көрсөткүчтөр** | **Сумма** | **%** |
|---|---|---|
| Дебитордук жана ашырылган кредитордук карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 2 403,2 | 52,43 |
| Каржылоо булактары жок туруп, бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 1 580,4 | 34,48 |
| Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 371,2 | 8,10 |
| Отчет берүүчү суммаларды камтуу менен, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 117,6 | 2,57 |
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 28,5 | 0,62 |
| Кем чыгуулар | 23,9 | 0,52 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 23,5 | 0,51 |
| Кредиттерди максатсыз пайдалануу | 23,4 | 0,51 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 4,8 | 0,10 |
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 3,7 | 0,09 |
| Мамлекеттик акциялар пакетине дивиденддер | 1,6 | 0,04 |
| Бюджетке чегерилүүгө тиешелүү ижара акысы | 1,2 | 0,03 |
| Атайын каражаттардын максатсыз пайдаланылышы | 0,2 | 0,00 |
| **Бардыгы** | **4 583,2** | **100 %** |

Жалпы аныкталган суммалардан 2 863,0 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш болсо, анын ичинен 201,8 млн сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 7,1 пайызды түзгөн.

Жогоруда келтирилген маалыматтар көрсөтүп тургандай, финансылык тартип бузууларынын курамындагы олуттуу бузууну дебитордук жана ашырылган кредитордук карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар, ал 2 403,2 млн сомду же 52,4 пайызды түзгөн. Мындай бузуулар төмөндөгүлөрдө аныкталган: Бишкек ш. мэриясында - 2 383,7 млн сом жана башкалар - 19,5 млн сом.

Шаарларда аныкталган бюджеттеринин резервдери жана жоготуулары 1 587,5 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

- эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар – 948,6 млн сом;
- башка резервдер жана бюджеттин жоготуулары – 533,6 млн сом;
- бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо – 62,3 млн сом;
- салык, бажы жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча жоготуулар – 35,5 млн сом;
- ТМБлардын ченемден ашык чыгымдалышы – 7,5 млн сом.

Бишкек шаарынын мэриясына жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөндөгүдөй жоготуулар жана резервдер аныкталган: “Эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар” – 935,6 млн сом, “жана башка резервдер жана бюджеттин жоготуулары” – 486,0 млн сом, “бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо” - 61,8 млн сом.

Ош шаарынын мэриясына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча “Салык, бажы жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча жоготуулар” - 35,2 млн сом аныкталган.

Шаарлардын **рационалдуу эмес пайдаланылган бюджеттик каражаттардын** аныкталган суммасы 48,4 млн сомду түзгөн. Аныкталган жалпы сумманын ичинен 5,2 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш, анын ичинен 0,5 млн сом калыбына келтирилген.

**Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык тартип бузууларынын** суммасы – 2,4 млн сом болсо, анын ичинен 2,2 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш.

**Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин аткарылышы**

Айыл өкмөттөрүнө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган **финансылык тартип бузууларынын** жалпы суммасы 138,7 млн сомду түзгөн.

*6-таблица. финансылык тартип бузууларынын түзүмү* *(млн сом)*

| Көрсөткүч | Сумма | % |
|---|---|---|
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 47,0 | 33,89 |
| Дебитордук жана ашырылган кредитордук карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 42,8 | 30,86 |
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 19,8 | 14,28 |
| Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 10,6 | 7,64 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 6,8 | 4,90 |
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 3,3 | 2,38 |
| Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 2,6 | 1,87 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 2,4 | 1,73 |
| Кем чыгуулар | 1,4 | 1,01 |
| Казыналык тутумунан сырткары пайдаланылган атайын каражаттар | 0,9 | 0,65 |
| Атайын каражаттарды максатсыз пайдалануу | 0,8 | 0,57 |
| Башка деңгээлдеги бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 0,3 | 0,22 |
| **Бардыгы** | **138,7** | **100** |

Айыл өкмөттөрүнө жүргүзүлгөн аудиттерде бузуулардын абдан олуттуу үлүшүн (33,9%) 47,0 млн сомго курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу түзгөн, анын ичинен төмөндөгүлөргө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган: Кара-Суу районунун Сарай айыл өкмөтү – 7,7 млн сом, Кемин районунун Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү – 3,7 млн сом, Чаткал районунун Каныш-Кыя айыл өкмөтү – 3,0 млн сом, Чаткал районунун Чаткал айыл өкмөтү – 2,4 млн сом, Аламүдүн районунун Аламүдүн айыл өкмөтү – 1,9 млн сом, Лейлек районунун Тогуз-Булак айыл өкмөтү – 1,8 млн сом, Ноокен районунун Масы айыл өкмөтү – 1,7 млн сом, Ноокат районунун Кулатов айыл өкмөтү – 1,4 млн сом, Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтү – 1,4 млн сом, Араван районунун Алля-Анаров айыл өкмөтү – 1,2 млн сом, Ноокат районунун Көк-Бел айыл өкмөтү – 1,2 млн сом, Аксы районунун Ак-Жол айыл өкмөтү – 1,1 млн сом, Карасуу районунун Савай айыл өкмөтү – 1,1 млн сом жана башкалар – 17,4 млн сом.

Айыл аймактарындагы дебитордук жана ашырылган кредитордук карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар боюнча жалпы сумма 42,8 млн сомду (30,9%) түзгөн, анын ичинен төмөндөгүлөргө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча бир кыйла сумма аныкталган: Чаткал районунун Каныш-Кыя айыл өкмөтү – 11,2 млн сом, Кара-Суу районунун Сарай айыл өкмөтү – 9,4 млн сом, Ак-Суу районунун Теплоключенко айыл өкмөтү – 5,7 млн сом, Жети-Өгүз районунун Оргочор айыл өкмөтү - 2,8 млн сом жана башкалар – 13,7 млн сом.

Айыл өкмөттөрүнүн **бюджеттеринин резервдери жана жоготуулары** 70,2 млн сомго аныкталган, анын ичинен:

- башка резервдер жана бюджеттин жоготуулары – 38,1 млн сом;
- ТМБлардын ченемден ашык чыгымдалышы – 16,0 млн сом;
- эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар – 15,3 млн сом;
- жана башкалар – 0,8 млн сом.

Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин резервдери жана жоготууларынын аныкталган суммасынан 4,3 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш. 2,1 млн сом калыбына келтирилди. Калыбына келтирүү 49 пайызды түзгөн.

__**Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын**__ жалпы суммасы 13,7 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

- ТМБлардын ченемден ашык корлору жана эсептердеги каражаттар – 12,0 млн сом;
- пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар - 1,7 млн сом.

Аныкталган жалпы суммасынан 2,1 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш болсо, анын ичинен 1,2 млн сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 57 пайызды түзгөн.

## 2.2 Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы аудит объектисине милдеттүү түрдө аткаруу болуп эсептелген жазма буйруктарды берүүгө укуктуу. Эреже катары, жазма буйрук өзүнө финансылык тартип бузууларынын калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди четтетүү сунуштарды жана ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды, бузууларга жол берген жоопту адамдардын жоопкерчилигин кароо жөнүндө сунуштарды камтыйт. Мындан сырткары, Эсептөө палатасы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, жазма буйруктардан сырткары аудит объектисине тиешелүү сунуштарды жөнөтөт.

2021-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча аудит объектилерине 439 жазма буйруктар жана 128 сунуштар жөнөтүлгөн.


__*7-таблица. Жазма буйруктардын аткарылышы*__

| **Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы** | **Бардыгы** | **Аткарылган** | **Жарым-жартылай аткарылган** | **Аткарууда** |
|---|---|---|---|---|
| КРЭП Борбордук аппараты | 68 | 8 | 23 | 37 |
| КРЭП Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшү | 109 | 54 | 26 | 29 |
| КРЭП Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшү | 105 | 31 | 63 | 11 |
| КРЭП Ош шаары, Ош жана Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшү | 157 | 99 | 16 | 42 |
| **Бардыгы** | **439** | **192** | **128** | **119** |

Жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен толук аткарылган – 192 (43,7%), жарым-жартылай аткарылган - 128 (29,2%) жана 119 (27,1%) жазма буйрук аткаруу баскычында турат.

Жазма буйруктар боюнча калыбына келтирүүгө тийиш болгон сумма 23 096,7 млн сомду түзгөн, анын ичинен 17 521,7 млн сом (75,9%) калыбына келтирилген.

*6-диаграмма. 2020-2021-жылдарга жазма буйруктардын аткарылышы.*



Аудит объектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын талаптагыдай аткарылышына мониторинг жүргүзүү, артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн, ошондой эле аудит жүргүзүү процессине түздөн түз тартылган кызматкерлердин өзгөчө көзөмөлүндө тураарын, белгилей кетүү керек. Кезектеги аудиттин программасын түзүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча аудит объектилеринин дарегине жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылыш маселеси эске алынат. Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын Кеңешинин кезектеги отурумдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарын кароо жана отчетторду бекитүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы жөнүндө аудит объектилеринин жетекчилеринин маалыматы угулат.

Жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган бузуулардын абдан ири суммалары жана жазма буйруктар менен калыбына келтирүүгө тийиш болгондор төмөндөгүлөрдү түзгөн: 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы - 22 372,9 млн сом же жазма буйрук боюнча кайтарылууга тиешелүү жалпы суммадан 97%.

Аудит объектиси тарабынан мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын аткарылышы жөнүндө маалымат, жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары жөнүндө кийинки отчетко киргизилерин белгилей кетүү керек.

Отчеттук жылы аудит объектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткаруу менен, 13 кызматтагы адамдар тартип жоопкерчилигине тартылган, 2 кызматтагы адам ээлеген кызматынан бошотулган.

### 2.3 Бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча сунуштар жана сунуштамалар

2021-жылы мамлекеттик органдарда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, КР Министрлер Кабинетинин дарегине бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча Эсептөө палатасынын сунуштарын камтыган 11 сунуш жөнөтүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча КР Министрлер Кабинетине жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын олуттуу сунуштары төмөндө берилген:

- ***2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Төмөнкү маселелер каралсын деп сунуш берилген:

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде райондордун акимдеринин резервдик фонддору жана областтардагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонддорун түзүүнү караган тартиптин жоктугу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы №238 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын – областтардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фонддору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, областтардагы КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана КР райондорунун акимдеринин резервдик фонддорунун иштеши;

– эпидемиологиялык кырдаал абалын эске алуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү тартиби бөлүгүндө, КР Өкмөтүнүн 22.03.2020-жылдагы №93-б “Кыргыз Республикасынын аймагына өзгөчө кырдаалды киргизүү жөнүндө” буйругуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү;

– карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, мамлекеттик карыздын босого мааниси жана мамлекеттик башкаруу сектору боюнча бюджеттин тартыштыгын так чектөөнү белгилөөгө багытталган, КР бюджеттик кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү;

– мамлекеттик карыздын туруктуулугун сактоо максатында, республиканын тышкы карызын реструктуризациялоо жана конверсиялоо, узартуу боюнча ишти активдештирүү;

– инвестициялык долбоорлорго маани берүү менен, жеңилдетилген шартта жаңы тышкы карыз алууларды тартуу;

Бюджеттик кредиттер боюнча карызды төлөөнү эске алуу менен, өзүнө тариф саясатын камтыган энергетикалык секторду өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу;

Маалыматтык билдирүүнү жакшыртууну, ири кредит алуучулар үчүн чектөөлөрдү белгилөөнү, айыл чарба чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу органдын түздөн түз катышуусун, ошондой эле, күрөөсүз тутум боюнча жеңилдетилген кредиттерди берүү менен, жергиликтүү бийлик органдарынын ролун жогорулатууну эске алуу менен, жеңилдетилген кредиттик ресурстарга карата айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн кеңири жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.

Тиешелүү мамлекеттик органдарына тапшырылсын деп сунуш берилген:

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык жана Бюджеттик кодекс менен бекитилген бирдейлик принцибине, КР Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы №370 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө" токтомун ылайык келтирүү маселесин кароо;

– орто окуу жайларын, колледждерди жана лицейлерди каржылоо ченемдерин иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте кароо үчүн ченемдик акттын долбоорун даярдоо камсыздалсын;

- аягына чыгарылбаган долбоорлору бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, пайдаланууга тезинен киргизүү менен, объектилердин курулушун аяктоо боюнча чараларды көрүү;
- мамлекеттик контролдоо актысын тариздөө жок туруп, бажы контролунан кымбат металлдардан жасалган буюмдарды өткөрүүнү алып салган, механизмди жана контролдоону жайылтуу боюнча маселени кароо.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине:

– бюджеттик мыйзам менен белгиленген мөөнөттө аны КР Министрлер кабинетине бергенге чейин, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзүүдө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн, зарыл болуп эсептелген тизмелердин жана операциялардын түрү аныкталсын;

– КР Улуттук банктагы КР Министрлер Кабинетинин баланстан тышкаркы депозиттик эсептеринде турган каражаттардын калдыктарына пайыздарды эсептөө, ошондой эле, мамлекеттин активдерине баланстан тышкаркы депозиттик эсептерин которуу маселени Улуттук банк менен биргелешип иштелип чыгарылсын.

– кошумча чыгымдарды каржылоонун конкреттүү булактарын аныктоо жана/же тиешелүү көлөмдө чыгымдардын башка категорияларын кыскартуу жөнүндө сунуштарды киргизүүнү эске алуу менен, милдеттүү тартипте КР Жогорку Кеңешинин профилдүү комитети менен макулдашуу боюнча, бюджеттен кошумча каражаттарды бөлсүн (Мыйзам кабыл алынганга чейин).

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына (учурда КР Министрлер кабинетине караштуу МСК)***

МСК тарабынан киргизилген сунуштар боюнча төмөндөгү маселелер каралсын:

– айлана-чөйрөнү сактоо жана калыбына келтирүү, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн инновациялык иштеп чыгууларды жана технологияларды пайдаланган ишканалар үчүн салыктык жеңилдиктердин жана бошотуулардын натыйжалуулугу бөлүгүндө тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан өнөр жай жана экспорттук саясат

чөйрөсүндө изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн ишке ашыруу керектигин жана экономикага оң таасирин тийгизбеген салык жеңилдиктерин берүүдөн чарба жүргүзүүчү субъекттерди алып салуу;

– бошотулган каражаттардын суммасы жөнүндө маалымат берүү боюнча милдеттенмелерди, салык жеңилдиктерин жана преференцияларды пайдаланган салык төлөөчүлөргө жүктөө бөлүгүндө, салык мыйзамына толуктоолорду киргизүү зарыл.

Тапшырылсын деп сунуш берилген:

– тиешелүү мамлекеттик органдар мамлекеттик бюджеттин кирешесине салыктардын толук түшүү максатында, КММ жана тамекини көмүскө жүгүртүү менен күрөшүү боюнча ишти күчөтсүн;

– КР финансы министрлиги аудит тарабынан аныкталган КНС жана акциз салыгы боюнча резервдерди, орто мөөнөттүү мезгилге бюджетти түзүүдө эске алсын.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматына сунушталган:***

– импорттун жана бажы төлөмдөрүнүн келип түшүүсүнүн көбөйүшүн жогорулатуу максатында, COVID-19 боюнча кезектеги кырдаалды эске алуу менен, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-февралындагы №27-б буйругун колдонуу мөөнөтү каралсын;

– Кыргыз Республикасынын аймагына дары каражаттарын алып келүүнүн бирдиктүү тартибин бекитүү бөлүгүндө, “Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө” КР Мыйзамынын 28-беренесинин 1-пунктун аткарууну тездетсин;

– КР Өкмөтүнүн 2001-жылдын 31-майындагы №260 “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” токтомунун “Ишкердиктин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө Жобонун” 38-главасын, фармацевттик ишке уруксат берүүчү документтер, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын аймагына дары каражаттарын алып келүү укугу бөлүгүндө, “Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү боюнча чараларды көрсүн;

– Бажы бирлигинин комиссиясынын 27.11.2009-жылдагы №130 чечиминин 7.1-пунктунун 7.1.11-пунктчасына ылайык, тарифтик жеңилдикти негиздүү колдонуу максатында, инвестициялык долбоорлордун реестрин түзүү тартиби жана жол-жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик документти кабыл алууну жана аны бекитүүнү камсыздасын.

- ***Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигине (мындан ары - Кыргызпатент)***

Төмөндөгү маселелер каралсын:

– 1994-жылдын 9-сентябрындагы Евразиялык патенттик конвенцияга ылайык, Евразиялык патенттерди күчүндө кармоо үчүн, атайын казыналык эсептерде топтолгон каражаттардын эсебинен Кыргызпатентти жана анын ведомстволук уюмдарын күтүү боюнча чыгымдарды каржылоо бөлүгүндө, КР Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 5-августундагы №111 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги жөнүндө” Жобону “Салык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексине ылайык келтирүү;

– Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамын жана “Салык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексин, КР Жогорку Кеңешинин 1995-жылдын 27-сентябрындагы З №213-1 жана КР Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын 1995-жылдын 28-сентябрындагы П №167-1 токтому менен ратификацияланган 1994-жылдын 9-сентябрындагы Евразиялык патенттик конвенциянын 18-беренесинин 2-бөлүгүнө шайкеш келтирүү;

– Евразиялык патенттерди күчүндө кармоо үчүн, атайын казыналык эсептерде топтолгон алымдардын келип түшүүсүнүн жана пайдаланылышынын негиздүүлүгү жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамына ылайык келтирүү.

# 3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери

## 3.1 Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы

Аудит тарабынан, 2020-жылга республикалык бюджетти аткаруу боюнча бюджеттик мыйзамдын талаптарына КР Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келишине тиешелүү маселелер изилденген.

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгында, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча бардык олуттуу аспекттерде, айрым позициялардан сырткары, мыйзам талаптарына шайкеш келгендиги аныкталган, айрым позициялар боюнча аудит терс корутундуларды берген жана айрым жерлерде отчетту тастыктаган эмес:

– бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчүлөр бөлүгүндөгү, 2020-жылдагы бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамга карата 5 (ведомстволук классификациялоо боюнча бюджеттин жалпы чыгымдары) жана 11, 11-2-тиркемелердин (программалык бюджет боюнча бюджеттин жалпы чыгымдары) ортосундагы 19,7 млрд сом суммасындагы дал келбестиктердин натыйжасында бюджетти аткаруу көрсөткүчтөрүнө олуттуу таасирин тийгизген. Аудит “Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык программалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө пикирин билдирбейт;

– “Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобону бузуу менен, финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн республикалык бюджет боюнча кредиттин карызы 17,1 млрд сомго ашырылган. Демек, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет, бардык олуттуу аспекттерде республикалык бюджеттин финансылык абалын анык көрсөтпөйт, бул терс пикирди билдирүү үчүн негиз болуп эсептелет.

Эскертүү: Бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто олуттуу бурмалоолордун жана аталган кредит боюнча карыз жөнүндө туура эмес маалыматтардын болушу, келечекте негизинен, күтүлгөн төлөмдөр боюнча туура эмес экономикалык жана башкаруу чечимдерин кабыл алууга алып келиши мүмкүн.

– КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесин жана КР Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы № 529 токтому менен бекитилген, "Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКсынан келип түшкөн каражаттардын пайдаланылышы жөнүндө” Жобону бузуу менен, 522,1 млн сом суммасындагы каражаттар 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун киреше бөлүгүндө көрсөтүлгөн эмес, анткени, казыналыктын тутумунан сырткары чыгымдалган, бул болсо, 2020-жылга республикалык бюджеттин чыгымдарынын 522,1 млн сомго төмөндөшү жөнүндө күбөлөндүрөт;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы № 529 токтому менен бекитилген, “Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКсынан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө Жобону бузуу менен, конкурстук комиссиянын чечими жана

КР Өкмөтүнүн чечими жок туруп, “Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКсынан фондго келип түшкөн каражаттардын ичинен 4 915,7 млн сом максатсыз пайдаланылган, анын ичинен: “Ишкердик субъекттерин каржылоо” программасы боюнча региондорду өнүктүрүү үчүн – 1 072,4 млн сом, бюджеттин кезектеги чыгымдарын жабууга – 3 843,3 млн сом;

– 4402011103031309 – “Жалпы мамлекеттик иш-чаралар – электрондук төлөмдөр (шлюз)” депозиттик эсебинен 1,6 млрд сом суммасына транзакциялоо, КР Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин 3-пунктун бузуу менен, электрондук санарип кол тамгасы менен күбөлөндүрбөстөн жүргүзүлгөн, демек, мыйзамдуу негиздеме жок;

– республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө финансылык отчетто, интеграциялык бирикмелерге жана эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүмдөр боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринин суммасы 1 022,6 млн сомго азайтылган;

– “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобону бузуу менен, 744,0 млн сом суммасындагы бюджеттик ссуда эсеп боюнча көрсөтүлгөн эмес (дебитордук эсепти жашыруу) жана ал түз чыгымдар катары негизсиз эсепке алынган, бул болсо, республикалык бюджеттин активдерин 744,0 млн сомго азайтууга алып келген (аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча 744,0 млн сом калыбына келтирилген);

– Улуттук банктагы Өкмөттүн эсептериндеги депозиттер жана валюта түрүндөгү мамлекеттин активдери эсеп боюнча 1,4 млн сомго азайтылган.

КР Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 9-бөлүгүн жана “Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү” тартибинин 8-пунктун бузуу менен, 2020-жылы кошумча чыгымдар көлөмү 1,8 млрд сомго бюджеттин кошумча кирешелер көлөмүнө туура келген эмес.

Кошумча салыктык келип түшүүлөрдүн эсебинен, гриппке каршы жана пневмококктук вакцинаны сатып алуу үчүн, 221,5 млн сом суммасындагы каражаттарды Саламаттык сактоо министрлигине бөлүүнү караган, КР Өкмөтүнүн 21.08.2020-жылдагы №289-б буйругун жана КР Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин чечимин бузуу менен, каражаттар мамлекеттик бюджеттик резервден бөлүнгөн.

Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишим талаптары сакталбагандык, Бюджеттик кодексте өлкөнүн ИДПга карата жалпы мамлекеттик жана тышкы карызынын чектелген деңгээлинин жоктугу, ошондой эле, 2020-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамда анын көрсөтүлбөгөндүгү, мамлекеттик карыздын туруксуздук тобокелдигин түзүү менен, чектөөсүз жаңы тышкы карыз алууларды тартуу үчүн, Өкмөткө шарт түзгөн.

КР Бюджеттик кодексинде мамлекеттик башкаруу секторунда бюджеттин тартыштыгын так чектөөнү жана карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, мамлекеттик карыздын көлөмүн белгилөөгө багытталган талаптар жок.

Белгиленген тартипте салык эмес төлөмдөрдү жана салыктын түрлөрүн кайтаруу жана ордун толтуруу, КНСти кайтаруу жана ордун толтуруу, бюджеттин киреше бөлүгү аркылуу жүргүзүлөт, бул болсо, КР Бюджеттик кодексинин 6-беренеси менен бекитилген, КР бюджеттик тутумунун принциптеринин бири болгон – бирдейликке каршы келет.

КР Өкмөтү тарабынан, республикалык бюджеттин долбоорун түзүү процессин жөнгө салуучу ченемдик актыларды кабыл алуу мөөнөтү сакталбайт. Ресурстардын администраторлору тарабынан, республикалык бюджеттин долбоорун даярдоо үчүн, ыйгарым укуктуу органга материалдарды берүү мөөнөтү үзгүлтүккө учуратылат.

КР ӨКМ жана КР ССМ тарабынан отчетту өз убагында бербегендиктин натыйжасында, мамлекеттик башкаруу секторунун топтолгон балансын даярдоо мөөнөтү сакталган эмес.

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 1-пунктун жана "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибинин" 185-пунктун бузуу менен, корголгон беренелер боюнча кредиттин карызы болушу менен, 2020-жылдын декабрында корголбогон беренелер боюнча 212,5 млн сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн. 2020-жылдын аягында корголгон беренелер боюнча кредиттин карызы 535,4 млн сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары 2020-жылдын аягында төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- КР СФ – 230 256,4 миң сом (аудиттин жүрүшүндө чегерилген);
- КР ММКФ - 117 818,8 миң сом;
- КР ЭСӨМ - 13 535,4 миң сом, анын ичинен "РСК Банк" ААКсы – 5 061,2 миң сом жана "Айыл-Банк" ААКсы – 8 474,2 миң сом.

Дем берүүчү гранттар боюнча объекттерде иштин көлөмүн 16,4 млн сомго ашыруу аныкталган, аудиттин жүрүшүндө 7,9 млн сом калыбына келтирилген.

Мамлекеттик токой фондусунун жерлерин ижарага берүүдөн келип түшкөн кирешелердин ичинен, бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тиешелүү болгон 14,0 млн сом суммасындагы айып пулдар, туумдар, жер салыктары 9,6 млн сом суммасында жеткире чегерилген эмес.

"Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча корлорун жана каражаттын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы сактабастан, 2020-жылдын аягында айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча ТМБлардын ченемден ашык корлорунун жана дебитордук карыздын калдыгы 71 398,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен, аудиттин жүрүшүндө 21 259,9 миң сом чегерилген.

КР Бюджеттик кодексинин 105-беренесин жана "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобону бузуу менен, саламаттык сактоо жана эмгек жана социалдык өнүгүү министрликтери тарабынан, кирешелер жана чыгымдар бөлүгүндө 2020-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамга карата өзгөртүүлөрдө эсепке алынбаган 151 373,3 миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн. Натыйжада, 151 373,3 миң сом суммасы республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн эмес, бул Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун принциптерине каршы келет, негизинен, толуктук принцибине (КР мыйзамдары менен каралган бардык чыгымдардын жана кирешелердин толук көлөмүндө жана милдеттүү түрдө бюджеттерде көрсөтүү).

360,8 миң АКШ доллары же 29,8 млн сом суммасындагы АӨБ, ЕРӨБ жана Япония долбоорлору боюнча акча транзакцияларын жүргүзбөстөн, кредиторлор менен өз ара милдеттенмелерди чегерүү операциялары, КР Бюджеттик кодексинин 20-беренесин бузуу менен, 2020-жылга бюджеттин чыгымдар жана ресурстук бөлүгүндө эске алынган эмес.

КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарына коммерциялык банктар тарабынан эсептелген пайыздар боюнча суммалар 12,3 млн сомду түзгөн жана бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине чегерилүүгө тийиш.

Макулдашуу шарттарына ылайык, тышкы кредиторлорго 2020-жылы кредиттин өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн 95,2 млн сом суммасындагы комиссия төлөнгөн, бул болсо, 2020-жылга республикалык бюджеттин каражаттарынын жоготуусуна алып келген. Ушундай эле төлөм 2019-жылы 232,2 млн сомго жүргүзүлгөн.

2020-жылга бекитилген бюджетке ылайык, бюджеттик колдоого 31 286,4 млн сом (397,3 млн АКШ доллары) суммасындагы каражаттардын келип түшүүсү пландалган, факты жүзүндө келип түшүүлөр 27 842,2 млн сом (354,0 млн АКШ доллары) суммасын

түзгөн, же 3 444,2 млн сомго (43,4 млн АКШ долларына) аз, такталган бюджеттин көрсөткүчтөрүн аткаруу 89%ды түзгөн.

COVID-19 коронавирус инфекциясын алдын алуу жана аны менен күрөшүү боюнча иш-чаралар алкагында, 2020-жылдын 31-декабрында КР Өкмөтүнүн буйругунун жана КР Жогорку Кеңешинин чечиминин негизинде, 5 487,9 млн сом суммасындагы каражаттар каралган.

*Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджетинин аткарылышынын аудити жөнүндө отчет менен бул жерден таанышууга болот.*

**“АЧК” жана “ИСК” долбоорлору боюнча мамлекеттик зайым каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын талдоо**

КР Бюджеттик каражаттарды башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик (БКБМА) тарабынан зайым каражаттарынын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына, бюджеттик кредиттердин төлөнүшүнө жана тейленишине мониторинг жана талаптагыдай контролдоо жүргүзүлгөн эмес. Бюджеттик каражаттардын пайдаланылышы, карыз алуучу өзү берген маалыматтардын негизинде гана негизделген.

“РСК Банк” жана “Айыл Банк” ААКсыларына жүргүзүлгөн тандалма аудитте, “АЧК-8” жана “ИСК” долбоорлору боюнча бөлүнгөн кредиттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышына талдоо жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча, бекем финансылык абалы болуп туруп, жеңилдетилген кредиттерди алууга муктаж эмес карыз алуучуларга кредиттик каражаттарды берүү фактылары аныкталган (“Айыл Банк” ААК аркылуу – “Акун” ЖАКы, “Бишкек ун комбинаты” ААКсы, “ОСКО” ЖЧКсы, “РСК Банк” ААК аркылуу - “Вилби” ЖЧКсы ж.б.).

“АЧК-8” жана “ИСК” мамлекеттик программаларын ишке ашыруу, өз иш-аракетинде “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алган жана коммерциялык сыр менен байланышкан маалыматтарды берүүдө чектөөлөргө ээ болгон, республиканын банктары тарабынан жүргүзүлөөрүн эске алуу менен, Бюджеттик каражаттарды башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикте карыз алуучулар тарабынан кредиттик каражаттардын пайдаланылышына мониторинг жана толук талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү жок.

Эсептөө палатасы республиканын финансы-кредиттик уюмдарынын мамлекеттик программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууга катышуусун, республикалык бюджеттен бөлүнгөн кредиттик каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына толук жана ишенимдүү талдоо жүргүзүү үчүн, КР Финансы министрлиги жана КР Эсептөө палатасы тарабынан суралган маалыматты берүүнү караган ушул Мыйзамга толуктоолорду киргизүүнү зарыл деп эсептейт.

“АЧК-8” долбоору боюнча, жеңилдетилген кредитке 20,0 миңден ашуун айылдык товар өндүрүүчүлөрдөн арыздар келип түшкөн, б.а. жеңилдетилген кредитке кайрылгандардын саны факты жүзүндө бир нече эсеге ашкан.

“АЧК-8” долбоорун ишке ашыруу алкагында жеңилдетилген кредиттерди алууга айыл чарбасын өндүрүүчүлөрдүн көптөгөн керектөөлөрүн жана айыл чарбасын өндүрүүчүлөрдүн муктаждыгын жаппаган каржылоонун чектелген көлөмүн эске алуу менен (жыл сайын 6,2 млрд сом), айыл чарбасын өндүрүүчүлөрдүн максималдуу санын жеңилдетилген кредиттерди алууга жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, кредиттөөнүн босого суммасын азайтуу максатка ылайыктуу.

Отчет КР Финансы министрлиги берген комментарийлерин эске алуу жана макулдашуу менен даярдалган.

**Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча министрликтер менен ведомстволордун финансылык отчётторунун көрсөткүчтөрүнүн анык эместиги**

Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин алкагында төмөндөгүлөр аныкталган:

КР Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен, финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн республикалык бюджет боюнча кредиттин карызы 17,1 млрд сомго ашырылган. Демек, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко карата 12-тиркеме, бардык олуттуу аспекттерде республикалык бюджеттин финансылык абалын анык көрсөтпөйт, бул терс пикирди билдирүү үчүн негиз болуп эсептелет.

Бюджеттик каражаттар боюнча кредиттин карызы - 41,2 млрд сомду, атайын эсептин каражаттары боюнча - 3,5 млрд сомду түзгөн.

***Жалпы кредиттик түзүм***

(млн сомдо)

| Жылдар | Бюджеттик каражаттар | Атайын эсептин каражаттары | Бюджеттик каражаттардын %ы | Атайын каражаттардын %ы |
|---|---|---|---|---|
| 2016 | 12 022,6 | 1 350,6 | 89,9 | 10,1 |
| 2017 | 21 308,8 | 1 700,2 | 92,6 | 7,4 |
| 2018 | 22 023,7 | 2 301,1 | 90,5 | 9,5 |
| 2019 | 23 215,6 | 2 178,3 | 91,4 | 8,6 |
| 2020 | 41 236,6 | 3 502,8 | 92,2 | 7,8 |

Кредит боюнча карыздардын пайда болуусунун себептеринин бири - донорлор алдында карыздарды отчетто эки жолу көрсөтүү аркылуу кредитордук карызды ашыруу фактылары аныкталган.

КР Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонунун 763-пунктун бузуу менен, республикалык бюджет боюнча кредиттин карызы 17 132,9 млн сомго ашырылган.

ЭВФден кредиттеринин суммасы 118,4 млн СДР же 2020-жылга топтолгон бухгалтердик балanстагы милдеттенмелерде эки жолу көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, КР Өкмөтүнүн КР Улуттук банкындагы эсептери боюнча кредитордук карыз 3 310,7 млн сомго ашырылган.

Демек, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко карата 12-тиркеме, республикалык бюджеттин финансылык абалын бардык олуттуу аспекттеринде туура көрсөтпөйт.

2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун анык эместигине алып келген бурмалоолор, олуттуу жана бардыгын камтыган болуп эсептелет, бул терс пикирди билдирүү үчүн негиз болуп саналат.

2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, кредиттин карыз суммасын 17 132,9 млн сомго ашыруу боюнча туура эмес маалыматтарга байланыштуу, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко карата 12-тиркемеге түзөтүү киргизүү боюнча жазма буйрук берилген.

Эсептөө палатасынын жазма буйругун аткаруу менен, КР Финансы министрлигинин 2021-жылдын 9-сентябрындагы №97-б "Министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн

финансылык отчетун түзүү жана бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу жана отчетту оңдоо жөнүндө” буйругу чыккан.

***2020-жылга КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан бюджеттин аткарылышына натыйжалуулук аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин алкагында, төмөндөгүлөр аныкталган:***

Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча мамлекеттик агенттик боюнча:

– Европалык Кеңештин KG4.01/11-12 “Курчап турган чөйрөнүн таасирин комплекстүү баалоо (КЧТКБ) жана Кыргыз Республикасындагы мурунку Мин-Куш жана Шекафтар уран кендерин реабилитациялоонун техникалык-экономикалык негиздемеси (ТЭН)” долбоору боюнча, бухгалтердик эсептин регистри боюнча, бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, 2,1 млн евро (99,567 - 16.08.2021-жылдагы КРУБдун расмий курсу боюнча 209,0 млн сом) суммасында аткарылган иштерди кабыл алуу – өткөрүп берүү актылары жүргүзүлгөн эмес (аудиттин жүрүшүндө 209,0 млн сом суммасында тиешелүү өткөрмөлөр жана бухгалтердик эсептин регистринде жазуулар жүргүзүлгөн);

– ошондой эле, 2020-жылдын августунан 31.12.2020-жылга чейин Шекафтар айылында «ЛОИ» ЖЧКсы тарабынан 627,0 миң евро (62 428,5 миң сом) суммасында аткарылган рекультивациялык иштер Агенттиктин балансына кабыл алынган эмес (аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсептин регистринде 62 428,5 миң сом суммасында тиешелүү өткөрмөлөр жана жазуулар жүргүзүлгөн);

– подрядчы консорциум «Альянс» тарабынан Мин-Куш айылында рекультивацилык иштерди жүргүзүүдө, аткарылган иштерди кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык, 31.12.2020-жылга карата аткарылган иштер жана 447,5 миң евро (44 556,2 миң сом) суммасында мурунку уран кенин реабилитациялоо боюнча көрсөтүлгөн кызматтар, Агенттиктин балансына кабыл алынган эмес (аудиттин жүрүшүндө “Аягына чыгарылбаган курулуштар” беренеси боюнча бухгалтердик эсептин регистринде 44 556,2 миң сом суммасында тиешелүү өткөрмөлөр жана жазуулар жүргүзүлгөн).

***2020-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин алдындагы Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун (мындан ары – ММБФ) ишине жүргүзүлгөн аудиттин алкагында төмөндөгүлөр аныкталган:***

ММБФнын иши бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келери аныкталды, айрым позициядан сырткары, алар боюнча аудит терс корутундуну берет жана ММБФ администрленген мамлекеттик бюджеттин ресурстарын жана кирешелерин эсепке алуу боюнча отчеттун ишенимдүүлүгүн тастыктабайт.

– КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы № 604 “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнүн уюштуруу маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджетинин ресурстарынын администраторлорунун функцияларын аткаруу боюнча Колдонмонун талаптарын сактабастан, ММБФ бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу органга бириктирилген бюджеттик отчетту түзбөйт жана бербейт;

– ММБФнын финансылык отчетунда, акционердик жана чарбалык коомдорго салынган 17,2 млрд сом активдер (акциялар жана мамлекеттик капиталдын үлүшү) көрсөтүлбөгөндүгүн, аудит көрсөттү. Алсак, КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобого ылайык, алар “Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары” балансынын сабында көрсөтүлүшү керек;

– ММБФнын финансылык отчеттуулугунда мамлекеттик ишканалардын (МИ) активдеринин наркы жөнүндө маалымат жок, ал 01.01.2021-жылга карата 23,1 млрд сомду

түзгөн. Финансылык отчеттун тиркемесиндеги түшүндүрмө катта, мамлекеттик ишканалардын дивиденддер боюнча эсептөөлөр жана мамлекеттик ишканалардын кирешелери боюнча чегерүүлөр көрсөтүлгөн эмес, төлөмдөр жана алардын карыздары боюнча маалымат жок.

Акционердик коомдордун дивиденддерди эсептөө жана төлөө боюнча эсептөөлөр, мамлекеттик ишканалардын кирешелеринен чегерүүлөр, алардын карыздары жана эсептелген туумдар эсептен сырткары эске алынган жана «1С:Ишкана 8.3» өзүнчө бухгалтердик программада жүргүзүлөт, ал жерде кирешеден 50% чегерүүнү жана дивиденддерди эсепке алуу боюнча кошумча интерфейс иштелип чыккан жана жайылтылган. Бул маалымат ММБФнын жылдык отчетунда гана камтылган, ал эч жака берилбейт. Мамлекеттик ишкананын кирешесинен чегерүүлөр жана аларды төлөө боюнча маалымат, ММБФнын жылдык отчётунда жоктугун, белгилей кетүү керек.

Жогорудагы менен байланыштуу, ММБФнын финансылык отчетунда 40,4 млрд сом мамлекеттин бардык активдери (финансылык, финансылык эмес активдер, карыздар) ачык көрсөтүлгөн эмес.

Ошентип, ММБФ атынан мамлекет жана маалыматты колдонуучулар, анын жеке менчиги болуп эсептелген өзүнүн мүлкү жөнүндө толук маалыматка ээ эмес.

Жогоруда жазылгандардын негизинде, аудит 2020-жылга ММБФнын финансылык отчетундагы 40,4 млрд сомго берилген маалыматтардын толуктугун (шайкештигин) тастыктай албайт.

– ижарага берилген мамлекеттик мүлк объектилери жана жер участкалары боюнча отчетторду эсепке алуу, каттоо жана берүү тутуму жөнгө салынган эмес, натыйжада, бюджет олуттуу жоготууга учурайт. Ошондой эле, ижара акысынын толук жана өз учурунда төлөнүшүн көзөмөлдөө үчүн, катталган ижара келишимдеринин маалыматтар базасы түзүлгөн эмес.

Ошондой эле, ММБФнын ишин талдоо, 2019-2020-жылдар ичинде ММБФ мамлекеттик катышуу менен ири, экономикалык жана социалдык маанидеги чарба жүргүзүүчү субъекттердин финансылык-экономикалык абалын талдоо боюнча, ММБФ толук укукка жана ыйгарым укукка ээ экендигин көрсөттү. Бирок, ММБФ тарабынан коомдук деңгээлде мамлекеттик ишканалардын жана акционердик коомдордун жеке менчик ээси катары расмий деңгээлге ээ эмес, анын ишин жакшыртуу боюнча конкреттүү чаралар жок.

Ошону менен бирге, бюджеттин ресурстарынын администратору катары ММБФ, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетишсиз жана начар ишинин натыйжасында, өзүнүн функциясын талаптагыдай аткарбайт.

### 3.2 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы

Кирешелер жана чыгымдар боюнча бекитилген чыгымдар боюнча 2020-жылга Кыргыз Республикасы Социалдык фондунун (мындан ары – КР СФ) көрсөтүлгөн бюджетине карата, кошумча чыгымдардын ордун жабуу булактары аныкталган эмес. Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр КР СФ бюджетин аткарууга өбөлгө түзгөн эмес.

Жыл башында КР СФ топтолгон эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы, кийинки жылдын январында пенсияларды жана башка пенсиялык төлөмдөрдү төлөөнү өз учурунда жана толук камсыздоого кепилдик бербейт.

01.01.2021-жылга карата республикалык бюджеттен 230,2 млн сом суммасына ашыкча трансферттер алынган (аудиттин жүрүшүндө республикалык бюджетке кайтарылган), ошентип, республикалык бюджеттен каражаттарды алууга жол берилген.

01.01.2021-жылга карата 14 728,4 миң сом суммасына пенсиялар боюнча төлөнбөгөн калдык, 2020-жылга КР СФдин бириктирилген балансында көрсөтүлгөн эмес.

КР СФде Эсеп саясаты иштелип чыккан эмес, КР СФдин бюджетин аткарууну аныктоо тартиби жок.

2020-жылга КР СФдин бюджетин түзүүдө Финансы министрлигинин атындагы 174,9 млн сом суммасында дебитордук карыз эсепке алынган эмес.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чогултулган көлөмүнөн акча каражаттарын кармоо жана аларды КР СФдин административдик чыгымдарын түзүүгө багыттоо бөлүгүндө КР СФдин Башкармасынын 2016-жылдын 25-январындагы №4 токтому менен бекитилген КР СФдин, КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо тартиби “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана КР Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы № 137 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Жобого дал келбейт.

КР СФ тарабынан Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна тиешелүү 36,3 млн сом, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна тиешелүү 4,5 млн сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынан 1,5% негизсиз кармалган.

КР СФге Резервдик фонддон 13.10.2020-жылы Пенсиялык фондун топтолмо эсебине 800,0 млн сом суммасында каражаттар пенсия төлөө үчүн чегерилген. Бул каражаттар 2020-жылдын 31-декабрында Пенсиялык фондун топтолмо эсебинен Резервдик фонддун эсебине кайтарылган. Бирок, Резервдик фонд жөнүндө жободо каражаттарды карызга алуу каралган эмес.

Резервдик фонддун каражаттары Жобо менен каралбаган кайрымдуулук максаттарына пайдаланылган.

КР СФдин райондук башкармалыктары тарабынан, пенсияларды жана башка төлөмдөрдү төлөөгө керектелген сумманын көлөмү ашырылган.

КР СФдин Октябрь райондук башкармалыгында “Кыргызпочтасы” МИнинн “Бишкек почтамт” филиалы тарабынан факты жүзүндө төлөмдөр тастыкталбастан 289,6 миң сом пенсиялар төлөнгөн, 289,6 миң сом пенсияларды факты жүзүндө төлөө катары көрсөтүлгөн.

КР СФде байланыш филиалдарынын кассаларындагы пенсиялык акча каражаттарын пайдалануунун максатын аныктаган ченемдик акт жок.

01.02.2020-жылга карата пенсиялык каражаттардын калдыктары 85,0 миң сом лимит алдында 306,4 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда, бул датага карата Кадамжай району боюнча “Кыргызпочтасы” МИнин филиалы тарабынан 65 пенсионерине 363,0 миң сом суммасындагы пенсия төлөнгөн эмес.

“Кыргызпочтасы” МИнин кассасындагы КР СФдин акча каражаттарынын ай сайынкы жеткиликтүү калдыктары бөлүгүндө, талаптарды сактоо камсыздалган эмес.

2020-жылдын аягында дивиденддер боюнча КР СФдин алдындагы карызы 7,1 млн сомду түзгөн: “Жалал-Абад электр” ААКсы - 3,3 млн сом жана “Чыгыш электр” ААКсы - 3,8 млн сом.

КР СФдин Башкармасы тарабынан КР Өкмөтүнүн №473 токтомунда белгиленген мамлекеттик кызмат орундарынын ченеми сакталган эмес, бул эмгек акы фондунан болжолу менен 23,7 млн сомго, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөрдү 3,5 млн сомго, КР СФдин борбордук аппараты боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 млн сомго, анын ичинде 0,4 млн сомго ашыкча чыгымдарга алып келген.

КР СФдин борбордук аппараты боюнча эмгек акыга ашыкча суммалар пландаштырылууда, бул эмгек акыга чыгашаларды үнөмдөөгө алып келет жана эмгек өргүүдөн чакыртылып алынган кызматкерлерге эмгек акы төлөөгө, ошондой эле айкалыштырып иштөө үчүн кошумча төлөөгө мүмкүндүк берет.

КР СФдин борбордук аппаратынын сметасы боюнча такталган сумма алдында 99,9 млн сом каралган, кассалык чыгымдар 1,5 млн сомду түзгөн, же 98,4 млн сомго аз.

Айкалыштырып иштегендиги үчүн 54 адамга 187,4 миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, Социалдык фондго чегерүүлөр 32,3 миң сомду, бардыгы болуп 219,7 миң сомду түзгөн.

Мөөнөтүнөн мурда эмгек өргүүсүнөн чакыртылып алуудан улам, КР СФдин бюджетине карата оорчулук 676,7 миң сомду, Социалдык фондго чегерүүлөр 116,7 миң сом түзгөн. "МПТФ" мекемеси боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 42,9 миң сомду жана 7,4 миң сомду түзгөн.

КР Өкмөтүнүн №767 токтомун бузуу менен, КР СФдин борбордук аппаратында 165,3 миң сом суммасына 4 036,72 литр отун лимиттен ашыкча керектелген.

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автоунаа транспортунда отунду жана майлоочу материалдарды сарптоонун линиялык ченемдеринин пайдалануу жана аларды эсептөө методикасы боюнча эрежелерге ылайык, КР СФдин райондук/шаардык башкармалыктарында автомашинанын эскиргендигин эске алуу менен, кыш жана жай мезгилдеринде КММны эсептен чыгаруу ченемдери иштелип чыккан эмес.

КР СФдин Башкармасынын чечимдери менен жаңы автомашиналарды борбордук аппаратынын балансына кабыл алган, ал эми эскилиги жеткен транспорттук каражаттар КР СФдин регионалдык башкармалыктарына өткөрүлүп берилген.

Подрядчы «Грузотрейд» ЖЧКсы тарабынан Өзгөн РСФБнын административдик имаратын куруу ишин аяктоо мөөнөтү сакталган эмес. Ал эми КР СФдин бюджетинен подрядчыга 11 519,7 миң сом которулган, ал аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында 7 579,0 миң сомго иш көлөмүн аткарган. Заказ берүүчүнүн дебитордук карызы 3 940,7 миң сомду түзгөн. Келишимге ылайык үстөк айыптын суммасы 11,5 миң сомду түзгөн.

Подрядчылар аткарган курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулаткандыгы аныкталган: "Грузотрейд" ЖЧКсы (Өзгөн РСФБ) 304,0 миң сомго; "Бейшембай Курулуш" ЖЧКсы (Ат-Башы РСФБ) 97,5 миң сомго.

Сузак РСФБ тарабынан 11 244,4 миң сом административдик имаратты курууга чыгымдар наркын көбөйтүүгө киргизилген эмес.

Аудит мезгилинде КР СФдинн Өнүктүрүү фондунун каражаттары негизинен сыйлоого, материалдык жардам берүүгө жана ар кандай кошумча төлөөлөргө, эмгек акыга карата кошуп төлөөлөргө, ар кандай социалдык төлөөлөргө багытталган. Мында КР СФдин материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө каражаттар бөлүнгөн эмес.

Өнүктүрүү фондунун эсебинен "Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси боюнча КР СФдин кызматкерлерине 306,0 миң сом өлчөмүндө бир жолку жөлөк пул төлөөгө негизделбеген чыгымдар жүргүзүлгөн.

КР СФдин кызматкерлерине ссудалар кызматкердин материалдык абалын кылдат иликтөөсүз берилет. Берилген ссуда суммасына КР СФдин бухгалтериясына кредиттерди максаттуу пайдаланылышын тастыктаган документтер берилген эмес.

КР СФдин тигил же бул регионалдык органдарынын ишин жакшыртууга багытталган так иш-чаралар планы жоктугуна карабастан, жалпы 10,0 млн сом суммасына 6 регионалдык органдын өнүктүрүү фондунун пайдаланылбаган акча каражаттар калдыгы өндүрүлгөн.

КР Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен, КР СФ товарларды жана кызматтарды

жабдуучулар менен түзгөн келишимдерде банктык кепилдик жоктугуна карабастан, жалпы 6 958,3 миң сом суммасына 4 келишим боюнча гана сатып алууларда келишим суммасынан 50% өлчөмүндө аванстык төлөмдөр каралган жана которулган.

01.01.2021-жылга карата КР СФ буудайды өткөрүп берүүдө жана сатып өткөрүүдө жол берген жоготуулардын болжолдуу суммасы 55,1 млн сомду түзгөн, алардын ичинен буудайдын наркы 51,4 млн сомду жана буудайды жана буудайды сатуудан түшкөн пайданы өз убагында кайтарбагандыгы үчүн туум 3,7 млн сомду түзгөн.

*Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджетинин аткарылышынын аудити боюнча кеңири отчет менен бул жерден таанышууга болот.*

### 3.3 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы

“2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (ММКФ) бюджетинин чыгымдары жана кирешелеринин параметрлери 17 537 356,3 миң сом өлчөмүндө бекитилген.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча КРӨ-нүн ММКФнын бюджетинин чыгымдар бөлүгү 16 663 604,1 миң сомду түзгөн, же такталган бюджеттен 873 752,2 миң сомго (95,0%) аз.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, төмөндөгүдөй финансылык тартип бузуулары аныкталган.

Бардыгы болуп 37 265,8 миң сом аныкталган, анын ичинен, 24 304,2 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш, аудиттин жүрүшүндө 12 996,4 миң сом (53,5%) калыбына келтирилген. Анын ичинен, акча каражаттарынын жана материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу 2 546,4 миң сом суммасында аныкталган, ал толугу менен бюджетке калыбына келтирүүгө тийиш.

Каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер 31 018,8 миң сом суммасында аныкталган, анын ичинен, 18 057,2 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш. 12 024,9 миң сом (66,6%) калыбына келтирилген, анын ичинен:

- эмгек акыны негизсиз төлөө - 13 112,0 миң сом, анын ичинен, 150,4 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш, аудиттин жүрүшүндө 141,1 миң сом калыбына келтирилген;
- материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу 2 409,4 миң сом, анын ичинен, калыбына келтирилгени - 58,6 миң сом;
- командировкалык чыгымдар боюнча 273,0 миң сомго бузуулар аныкталган, анын ичинен, калыбына келтирилгени - 53,7 миң сом;
- казыналыктын тутумунан сырткары пайдаланылган каражаттар - 37,1 миң сом (Кара-Суу райондук ооруканасы - 19,9 миң сом жана Өзгөн райондук ооруканасы - 17,2 миң сом);
- курулуш иштеринин көлөмүн ашыруу - 1 897,4 миң сом;
- дебитордук карызды жашыруу - 13 289,9 миң сом, аудиттин жүрүшүндө 11 771,5 миң сом калыбына келтирилген.

Мындан сырткары, бюджетке кошумча эсептелген кирешелер 2 542,1 миң сом суммасында аныкталган, калыбына келтирилгени - 748,7 миң сом. Анын ичинен, салык боюнча - 288,1 миң сом, калыбына келтирилгени - 5,8 миң сом, ижара акысы боюнча – 2 254,0 миң сом, калыбына келтирилгени - 742,9 миң сом.

Социалдык фонддун кошумча эсептелген кирешелери 1 158,5 миң сомду түзгөн.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча, резервдер жана бюджеттин жоготуулары 226 730,1 миң сом суммасында аныкталган, анын ичинен, 187 900,0 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш, анын ичинен:

– товардык-материалдык баалуулуктардын же электр энергиясын ченемден ашыкча чыгымдоо - 26 446,0 миң сомду түзгөн;
– эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар - 10 490,3 миң сом;
– жана башка корлор жана жоготуулар - 189 793,8 миң сом.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 127 414,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен, 105 219,2 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш, анын ичинен:

– ченемден ашык корлор - 88 436,3 миң сом.

кредитордук карыздан дебитордук карыздын ашырылышы 16 782,9 миң сомду түзгөн. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө - 22 194,9 миң сом.

Аудиттин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Администрациясына, Министрлер Кабинетине, Экономика жана финансы министрлигине, Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жөнөтүлгөн.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2020-жылга бюджеттик, атайын жана башка каражаттарды пайдалануу аудити боюнча кеңири отчет менен бул жерден таанышсаңыз болот*.

## 4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары

### 4.1 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 17-февралындагы № 4405-VI жана 2021-жылдын 24-февралындагы № 4422-VI токтомдору менен түзүлгөн «Кумтөр» алтын кенин иштетүүнүн натыйжалуулугун изилдөө боюнча мамлекеттик комиссиянын ишине катышуу

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 2009-2020-жылдарга бюджетке салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча “Кумтөр Голд Компаниясы” ЖАКы тарабынан милдеттенмелердин аткарылышын текшерүү боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 17-февралындагы № 4405-VI жана 2021-жылдын 24-февралындагы № 4422-VI токтомдору менен түзүлгөн, Кумтөр алтын кенин иштеп чыгуунун натыйжалуулугун изилдөө боюнча Мамлекеттик комиссиянын ишине катышкан.

Жыл сайын жүргүзүлгөн салык текшерүүлөрү тарабынан төмөндөгүлөр боюнча бузуулар аныкталбагандыгы белгиленген:

– резидент эместерге салыкты администрлөө бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
– 2009-жылдын 24-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, "Кыргызалтын" ачык акционердик коому, "Центерра Голд Инк." компаниясы, "Кумтөр Оперейтинг Компаниясы" жабык акционердик коому, "Кумтөр Голд Компаниясы" жабык акционердик коому жана "Камеко" корпорациясынын ортосундагы "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашуу - минералдык-чийки зат базасын өнүктүрүү боюнча дүң кирешеден жыл сайын 4% суммасын төлөө боюнча.

2010-2020-жылдарга карата резидент эместердин кирешелерине салыкты эсептөө жана өндүрүүгө карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын эсептик суммасы 32 529,3 млн сомду (383,6 млн АКШ доллары) түзгөн, анын ичинен негизги сумма

- 139,8 млн АКШ доллары, туумдар жана айып пулдар - 116,5 млн АКШ долл. жана салык санкциялары -127,3 млн АКШ долл.

2009-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата геологиялык изилдөө жана иштеп чыгуу (88,9 млн АКШ доллары) боюнча чыгымдарды эсепке алуу менен, минералдык-чийки зат базасын өнүктүрүү боюнча чегерүүлөр (дуӊ кирешеден 4%) төлөнүшү керек эле, минералдык-чийки зат базасын өнүктүрүүгө дуӊ, кирешеден жыл сайынкы 4% суммасын төлөө 739,0 млн АКШ долларын түзгөн, анын ичинен, негизги сумма - 258,1 млн АКШ доллары, туумдар, айып пулдар - 234,6 млн АКШ доллары жана финансылык санкциялар - 246,3 млн АКШ доллары.

Жыйынтыгында, резидент эместердин кирешелерине салыктарды жана дуӊ кирешеден жыл сайынкы 4% сумманы жеткире эсептөөнүн эсептик суммасы 1 122,6 млн АКШ долл. түзгөн.

| № | Төлөмдүн аталышы | Төлөм суммасы (млн АКШ долл.) | Туумдар, айып пулдар | Финансылык санкциялар | Бардыгы (млн АКШ долл.) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Резидент эмес жактардын киреше салыгы (дивиденддер) | 139,8 | 116,5 | 127,3 | 383,6 |
| 2 | Дуӊ кирешеден жыл сайынкы 4% сумма | 258,1 | 234,6 | 246,3 | 739,0 |
| | **Бардыгы:** | **397,9** | **351,1** | **373,6** | **1 122,6*** |

** 2021-жылдын мезгилине КР Улуттук банкынын 84,64 сом орточо курсу боюнча – 95 016,9 млн сом.*

## 4.2 Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн биргелешкен контролдук иш-чаралар

Тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын (эквиваленттик таасирге ээ жыйымдар жана салыктар, жана башка алымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө өлкөлөрдүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколун (Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге карата №5 тиркеме) ишке ашыруу максатында, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү боюнча Кыргыз Республикасында ыйгарым укуктуу орган болуп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы эсептелет.

2014-жылдын 29-майындагы ЕАЭБ жөнүндө келишимге карата Кыргыз Республикасынын кириши жөнүндө Келишимдин айрым жоболорун колдонуу жөнүндө протокол менен, Кыргыз Республикасы үчүн, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын бөлүштүрүү ченеми 1,9 пайызга белгиленген.

Тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын бөлүштүрүүнүн белгиленген ченемдери Армения Республикасы үчүн - 1,220 пайыз; Беларусь Республикасы үчүн - 4,56 пайыз; Казакстан Республикасы үчүн – 7,055 пайыз, Россия Федерациясы үчүн – 85,265 пайыз.

2020-жылга тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын келип түшүүсү (чегерүүлөрдү жана кайтарууларды эсепке алуу менен) 6 010,1 млн сомду түзгөн, алар ЕАЭБ мүчө өлкөлөрүнүн бюджеттерине бөлүштүрүлгөн.

Мүчө мамлекеттерден 16 464,6 млн сом келип түшкөн, бул болсо, 2019-жылга караганда 214,2 млн сомго аз.

Кыргыз Республикасы үчүн мүчө мамлекеттер менен өз ара эсептешүүнүн калдыгы 10 568,7 млн сомду түзгөн.

ЕАЭБ жөнүндө келишимдин жоболорунун таасирине туш болгон, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын эсепке алуу жана бөлүштүрүү, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын ченемдик документтери жана Келишимге карата №5 тиркемеге ылайык, Борбордук казыналык тарабынан жүргүзүлгөндүгү, текшерүүдө аныкталган.

Бирок, текшерүүдө КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынан тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү жөнүндө отчет Беларусь Республикасынын Финансы министрлигинин Башкы мамлекеттик казыналыгы тарабынан бир нече мүнөткө кеч алгандыгы жөнүндө 4 учур белгиленген. Буга байланыштуу, Борбордук казыналык тараптардын ыйгарым укуктуу органындарына маалыматты өз учурунда жөнөтүүнү камсыз кылышы керек.

2020-жылдын 5-октябрынан 9-октябрына чейинки мезгил аралыгында, форс-мажор жагдайынын пайда болгондугуна байланыштуу, күч менен жеңе албас жагдайдын пайда болгондугунан улам, банк тутумунун коопсуздугун камсыздоого багытталган SWIFT тутуму боюнча транс чек аралык операцияларды КР Улуттук банкы токтоткондугуна байланыштуу, Кыргыз Республикасы тарабынан тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммасын чегерүү токтотулган.

Бул жөнүндө КР ФМ караштуу Борбордук казыналыгы 2020-жылдын 6-октябрында ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдарынын дарегине маалыматтык билдирүүнү жөнөткөн.

Протокол менен белгиленген бөлүштүрүү ченемдерине ылайык, 2020-жылдын 13-октябрында мүчө мамлекеттердин кирешелерине тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын чегерүү толугу менен кайрадан улантылган.

Форс-мажор жагдайына байланыштуу, ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджетине Кыргыз Республикасы тарабынан тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммасын өз убагында чегерилбегендиги үчүн 488 589,7 сом суммасында пайыздар төлөнгөн.

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө Келишимде форс-мажор жагдайын эске алган жумшартуучу ченемдер жок. Бул биргелешкен иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча, ушул Келишимге тиешелүү толуктоолорду киргизүүнү демилгелөө боюнча КР Министрлер Кабинетине сунуш киргизүү пландаштырылууда.

## 4.3 Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жөнүндө мыйзам долбоорлоруна, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөргө карата корутундулар

2021-жылы Эсептөө палатасы тарабынан КР Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, КР Өкмөтү берген төмөндөгү мыйзам долбоорлоруна талдоо жүргүзүлгөн:

- **“Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Мыйзам долбоорун кароо жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүдөй корутунду берилген:

Киргизилген өзгөртүүлөр социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн кезектеги жагдайынын өзгөрүүсү менен берилген жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 28-июнундагы №47 “2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө” токтомуна ылайык даярдалган, анда 2021-жылы ИДПнын реалдуу өсүүсү, экономиканын бардык тармактарындагы өсүү темпинин басаңдашынын жана инфляциянын 4,0%га өсүүсүнүн эсебинен, 5%га бекитилген өсүүгө каршы, 3,2% деңгээлинде болжолдонууда.

Бюджетти аткаруу процессинде анын аныктыгын тастыктоону талап кылган, кредит боюнча карызды төлөөгө олуттуу суммалар каралган.

Эсептөө палатасынын мурунку эскертүүлөрүнө карабастан, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн бул максаттарга чыгымдоо боюнча ченемдерди алып салуу менен, КР Салык кодексинин 279-беренесине каршы 500,0 млн сомго КНСти кайтаруу жана ордун толтуруу боюнча чыгымдар сакталган.

2021-жылга бекитилген бюджетте “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча 3 000,0 млн сом суммасындагы каражаттар каралган. “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча 2021-жылга республикалык бюджеттин такталган планы 5 895,0 млн сомду түзгөн.

2021-жылга бекитилген бюджет менен, мамлекеттик инвестициялар программасына 38 683,3 млн сом суммасындагы каражаттардын келип түшүүсү (өздөштүрүлүшү) пландалган, анын ичинен, ички каржылоо (кошо каржылоо) - 1 722,1 млн сом, кредиттер боюнча тышкы каржылоо - 25 188,6 млн сом жана гранттар боюнча - 11 772,6 млн сом. Мамлекеттик инвестициялар программасын Аткаруу агенттери тарабынан өз учурунда ишке ашырылбагандыгына байланыштуу, тышкы донорлордон каражаттардын келип түшүүсү 4 677,4 млн сомго кыскарган, анын ичинен, кредиттер - 3 662,6 млн сом жана гранттар - 1 014,8 млн сом.

Негизинен, Мамлекеттик инвестициялардын бюджетин кыскартуу, долбоорлорду ишке киргизүү боюнча жол-жоболордун узактыгына (макулдашуулар күчүнө киргенде ички мамлекеттик жол-жоболор: субкредиттик макулдашууларга кол коюу, юридикалык корутундуларды берүү ж.б.у.с.), аткаруу агенттери тарабынан жүргүзүлгөн сатып алуулардын жыйынтыктарын кароо процессиндеги кечиктирүүлөр, долбоордук жана башка документтердин өз учурунда даярдалбагандыгы, долбоорлор алкагында подряддык жана субподряддык уюмдар тарабынан иш пландарынын бузулушу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу темпинин жайлашы менен байланыштуу.

2021-жылга республикалык бюджеттин тартыштыгы 19 211 млн сомго же, бекитилген бюджетке (8 463,2 млн сом) салыштырмалуу 10 747,8 млн сомго көбөйүү менен 3% ИДПга болжолдонууда. Бюджеттин ресурстук бөлүгү 3 323,4 млн сомго Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздарын жайгаштыруудан каражаттардын келип түшүүсүн 18 723,4 млн сомго чейин көбөйтүүнү камсыз кылуу болжолдонууда. Мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан каражаттардын келип түшүүсүн көбөйүсү, ресурстардын жана программалык жардамдын жеткире түшпөшү менен байланыштуу. Мында, такталган бюджетте мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан каражаттардын келип түшүүсүнүн көбөйүүсү, келечекте аларды тейлөө боюнча тиешелүү чыгымдарды алып келген, такталбаган эсептөөлөрсүз жана негиздемелерсиз долбоорлонууда.

*Толук корутунду менен ушул жерден таанышсаңыз болот*

- **“Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Мыйзам долбоорун кароо жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүдөй корутунду берилген:

Корутундуда белгиленген бюджеттик мыйзамга бюджеттин резервдеринин туура келбеген жана бюджеттик каражаттардын Башкы бөлүштүрүүчүлөр тарабынан эсептер менен тастыкталбаган чыгымдарды киргизүү фактыларын эске алуу менен, Эсептөө палатасы КР Экономика жана финансы министрлигине Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолунун долбоорундагы кемчиликтерди четтетүүнү жана орто мөөнөттүү мезгилге республикалык бюджеттин ресурстарын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн кароону сунуш кылган.

*Толук корутунду менен ушул жерден таанышсаңыз болот.*

- **“2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Мыйзам долбоорун кароо жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүдөй корутунду берилген:

– келерки жылга КР СФ абдан реалдуу долбоорун түзүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 2016-жылдын 23-декабрындагы №96 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча” Жобону Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексине ылайык келтирүү менен, ал жеткире иштелип чыгышы керек;

– КР СФ бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, КР СФдин каражаттарынын эркин калдыгын түзүүнү жана пайдаланууну, бюджеттин профицитин, КР СФ бюджетинин тартыштыгын жабуу булактарын аныктоону регламенттөөчү ченемдик-укуктук актылар иштелип чыгышы керек;

– 2021-жылдын аягына чейин КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №359 тескемесине ылайык, КР Финансы министрлигине Ош жана Жалал-Абад областтарындагы башаламандыкта жабыр тарткан жеке жана юридикалык жактардан, 2010-жылдын 1-июлунан 2012-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрүн Социалдык фондго кайтаруу үчүн, 174,9 млн сом суммасындагы акча каражаттарынын келип түшүүсүн камсыз кылсын;

– 2021-жылдын 8-апрелиндеги салыштыруу актысына ылайык, КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна (ММКФ) камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды төлөөгө 20,5 млн сом суммасындагы акча каражаттарын каржыласын;

– 2021-жылдын 8-апрелиндеги салыштыруу актысына ылайык, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды төлөөгө 100,3 млн сом суммасындагы каражаттар багытталсын.

*Толук корутунду менен ушул жерден таанышсаңыз болот.*

- **“2022-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2023-2024- жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

“2022-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2023-2024- жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду даярдоо боюнча иш-чаралардын жыйынтыгы менен, Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүдөй корутунду жана сунуштар берилген:

1. Сунуш кылынып жаткан “2022-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору КР Бюджеттик кодексине туура келет.

2. “2022-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна карата эсептөөлөр, 2022-2024-жылдары Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоонун көрсөткүчтөрүн негизделген.

3. ММКФ чыгымдар боюнча 2022-жылга чыгымдардын болжолдуу көрсөткүчтөрдү, 2020-жылга мурда кармалган 36,3 млн сом жана 2021-жылга 43,0 млн сом суммасында көбөйтүү керек, демек, "2022-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына 2022-жылы өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, чыгымдар бөлүгүнө ММКФ мурда кармалган 79,3 млн сомду киргизүү керек.

4. Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 2022-жылга чыгымдардын болжолдуу көрсөткүчтөрдү, "2022-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, ошондой эле мурда 2020 жана 2021-жылдары кармалган 10,0 млн сом сумманы 2022-жылы көбөйтүү сунушталат.

5. КР СФ резервдик фондунун чыгымдарын 2,0 млн сомго азайтуу керек.

*Толук корутунду менен ушул жерден таанышсаңыз болот.*

- **"2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Сунушталган мыйзам долбоору негизинен КР Бюджеттик кодексине туура келет, бул мыйзам долбооруна карата тиркемелер Бюджеттик классификацияга ылайык даярдалган.

Ошону менен бирге, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда 2021-жылга КР Социалдык фондунун бюджетинен берилген 2 823 802,3 миң сом суммасындагы каражаттардын көлөмү, 1,5 пайыз кармоо менен, 22,5 млн сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн, бул болсо, бюджеттик мыйзамдын жана КР Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген, 2019-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясынын белгиленген ченемдерин бузуу болуп эсептелет.

*Толук корутунду менен ушул жерден таанышсаңыз болот*.

- **"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору**

Сунушталган мыйзам долбоору негизинен КР Бюджеттик кодексине туура келет, "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата тиркемелер Бюджеттик классификацияга ылайык даярдалган.

Ошону менен бирге, Эсептөө палатасы төмөндөгүлөрдү белгилейт:

– "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттар, "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна караганда 386,8 млн сомго аз каралган;

– ММКФ 2022-жылга бюджетинин долбоорунда эпидемиянын очогунда жана ага теңдештирилген аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине

жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөр каралган эмес, бул каражаттар 2022-жылга республикалык бюджеттин социалдык пакетинде каралган;

– камсыздандыруу төгүмдөрү толук алынып жаткандыгын текшерүү максатында, ММКФ тарабынан камсыздандырылган адамдардын реестринин маалыматтарынын түзүлүшү жана аныктыгы көзөмөлдөнбөйт жана ММКФ менен КР СФ, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы (МСК) ортосунда Милдетүү медициналык камсыздоо (ММК) боюнча камсыздандырылган адамдардын саны жөнүндө маалыматтарды салыштырып текшерүү практика жүзүндө жүргүзүлбөйт;

– КР Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 17-декабрындагы № 4275-VI токтому аткарылган эмес, ал жерде Өкмөткө КР Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги №2397-VI "2019-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө" токтомун, ММКФ үчүн багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшкөн көлөмүнөн 3 пайызды КР СФ тарабынан кармап калууну жокко чыгаруу бөлүгүн аткарууну камсыз кылуу тапшырылган;

– ММКФ Борбордук аппараты менен кайталанган функцияларды четтетүү бөлүгүндө, ММК фондунун аймактык башкармалыктарын кутүү боюнча чыгымдарды жана штаттык санды оптималдоо жүргүзүлгөн эмес.

*Толук корутунду менен ушул жерден таанышсаңыз болот.*

https://www.esep.kg/images/docs/2022/foms_2022_ru.pdf**Жүргүзүлгөн тематикалык аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары**

Эсептөө палатасынын Кеңешинин 29.12.2020-жылдагы №01-26/110 токтому менен бекитилген, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш паланын ылайык, Эсептөө палатасы тарабынан министрликтерде жана ведомстволордо тематикалык аудиттер жүргүзүлгөн.

***2020-жылы COVID-19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүүдө республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын жана эл аралык донорлордон келип түшкөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышына натыйжалуулук элементтерин колдонуу менен, жүргүзүлгөн шайкештик аудити***

Жүргүзүлгөн аудит тарабынан, министрликтерде, ведомстволордо жана алардын ведомстволук мекемелеринде 2020-жылы коронавирус инфекциясы менен күрөшүү боюнча республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын пайдаланылышы, негизинен, бардык олутту аспекттерде аудиттин талаптагыдай критерийлерине туура келери аныкталды.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасы, негизинен министрликтер, ведомстволор жана мекемелер кошумча бөлүнгөн каражаттарды алардын бөлүү максатына ылайык пайдаланылгандыгын тааныйт. Ошону менен бирге, айрым мамлекеттик органдарда жана ведомстволук мекемелерде бузуулар жана кемчиликтер аныкталган.

COVID-19 менен күрөшүүгө кошумча бөлүнгөн каражаттардын максатка ылайыктуу пайдаланылышын кароодо, пандемия шартында уюмдарды кошумча финансылык камсыздоого багытталган чыгымдарды идентификациялоо үчүн, бюджеттик классификациялоо коддордун деталдуу чечмелөөнүн жоктугуна байланыштуу, ковидди жоюу жана аны алдын алуу боюнча чараларга кирген чыгымдарды бөлүү абдан кыйындыгын, белгилей кетүү керек.

COVID-19 менен күрөшүүгө кошумча бөлүнгөн каражаттардын максатка ылайыктуу пайдаланылышын кароодо, пандемия шартында уюмдарды кошумча финансылык камсыздоого багытталган чыгымдарды идентификациялоо үчүн, бюджеттик классификациялоо коддордун деталдуу чечмелөөнүн жоктугуна байланыштуу, коронавирустук инфекциясын жоюу жана аны алдын алуу боюнча чараларга кирген чыгымдарды бөлүү абдан кыйындыгын, белгилей кетүү керек.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамды колдонбоо, бюджеттик каражаттарды тескөө боюнча мекемелердин укуктарын жана милдеттеринен бошотпойт жана көлөмүн алып салбайт.

Мындан ары, мекемелердеги жооптуу адамдар, үнөмдөө жана натыйжалуулук принциптерине мамлекеттик бюджеттин каражаттары менен жүргүзүлгөн операциялардын туура келишине тиешелүү мыйзамдарды жана токтомдорду сакташы керек.

Негизинен, коронавирус инфекциясы менен күрөшүү боюнча чараларды ишке ашырууга тартылган министрликтерге жана ведомстволорго жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөр аныкталган:

– каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер - 51 499,7 миң сом, анын ичинен: эмгек акыларды негизсиз төлөө - 1 827,5 миң сом, курулуш-куроо иштеринин көлмүн ашыруу - 81,1 миң сом, каражаттарды максатсыз пайдалануу - 45 167,3 миң сом, дебитордук карызды эсепке алуу боюнча жашыруулар жана кредитордук карызды ашыруу – 4 645,0 миң сом;

– резервдер жана бюджеттин жоготуусу - 898,0 миң сом, анын ичинен, КР СФ резервдери жана бюджетинин жоготуусу – 508,7 миң сом, жана башка резервдер жана жоготуулар – 387,4 миң сом;

– каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу 227 521,4 миң сом, анын ичинен: максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар - 3 618,3 миң сом, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар – 223 903,1 миң сом.

***2016-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Ош электр” ААКсында, “Жалалабат электр” ААКсында, “Түндүк электр” ААКсында, “Чыгыш электр” ААКсында эсептелген пайыздарды, айып пулдарды, финансылык санкциялар боюнча карыздарды, кайтарымсыз карыздарды, электр энергиясын керектөөчүлөрдүн негизги карыздарын эсептен чыгаруу боюнча жүргүзүлгөн тематикалык аудит***

Аудиттин жыйынтыгы боюнча 897 288,5 миң сом суммасындагы дебитордук карызды негизсиз эсептен чыгаруу аныкталган, анын ичинен, “Ош электр” ААКсы – 254 078,2 миң сом (анын ичинен, негизсиз ашырылган 143 377,3 миң сом дебитордук карыз), “Жалалабат электр” ААКсы - 121 896,3 миң сом, “Түндүк электр” ААКсы – 201 287,6 миң сом, “Чыгыш электр” ААКсы – 319 197,2 миң сом.

“Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-1-беренесине ылайык, Электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (жеке жактардын) электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Үч айдан ашык мезгил үчүн карыздын суммасын өндүрүп алуу сот тартибинде гана жүргүзүлөт.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн ачык акционердик коомдор көпчүлүк учурда, дебитордук карызды өндүрүү боюнча иш-чараларды өз учурунда толук көлөмдө жүргүзбөйт. Ачык акционердик коомдордун регион аралык электр менен жабдуучу компаниялары тарабынан карыз үч айдан ашык узартылган. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211 жана 212-беренелерине ылайык, доонун эскирүү мөөнөтү үч жылга белгиленген, бирок буга карабастан, электр энергиясы боюнча карызды, анын ичинен, мөөнөтү өткөн карыз суммасын жана кийин кайрадан пайда болгон карызды өндүрүү жөнүндө доо өз учурунда берилген эмес.

Жогоруда жазылгандарга далил катары, соттор да өз чечимдеринде акционердик коомдор белгисиз себептерден улам, сотко кайрылуу мөөнөттөрүн өткөрүп жиберишкендигин, доо мөөнөтү аяктагандын негизинде мөөнөтү өткөн карызды өндүрүүдөн баш тарткандыгын, кийинки гана карызды өндүрүшкөндүгүн так көрсөтүшкөн.

Электр энергиясын сатуу кызматынын начальнигинин жана инспекторлорунун түздөн түз милдеттенмелери болуп, электр энергиясын натыйжалуу керектөөнүн бекитилген пландарын аткаруу, ченемден ашык жоготууларга, ошондой эле дебитордук

карыздын өсүүсүнө жол бербөө эсептелет. Дебитордук карыз райондук электр менен жабдуу тармагынын жана электр энергиясын сатуу боюнча көз карандысыз кызматтардын курамында эсепке алынат.

Тилекке каршы, жогоруда көрсөтүлгөн ачык акционердик коомдор бул чөйрөдө талаптагыдай ишти жүргүзүшпөйт. Коомдор бул чөйрөдөгү өздөрүнүн ресурстарын натыйжасыз пайдаланышкан, ал эми юридикалык консультанттар мөөнөтү өткөн карызкорлор менен сот процесстерине катышууга жана бул сот процесстерине карата материалдарды даярдоого көп убакыт коротушкан, ал терс жыйынтыкка алып келе тургандыгы күн мурунтан белгилүү болгон.

Мындан сырткары, бүгүнкү күнү карызкорлордун тизмесинде ошол дарек боюнча жашабаган жана көрсөтүлгөн дарекке эч тиешеси жок, инсандыгы аныкталбаган керектөөчүлөр кала берүүдө.

Электр энергиясын пайдалануу эрежесин бузган абоненттерге актыларды толтуруу тартиби сакталган эмес. Актылардагы маалыматтар толук эмес, анын ичинен, токтун күчү, бузуулардын схемасы ж.б.у.с. көрсөтүлгөн эмес. Электр энергиясын пайдалануу эрежесин бузган учурда, актылар керектөөчүлөрдү тейлөө тартиби жөнүндө Жобонун 7-пунктунун талаптарын сактабастан , көптөгөн толуктоолор менен түзүлгөн.

Электр энергиясын керектөө тартибин бузган талаптарга толук жооп берген фото жана видео материалдардын, актылардын жоктугу, Граждандык кодекстин тиешелүү беренелери менен белгиленген укукту коргоо боюнча мөөнөт өткөндөн кийин гана доо берилген учурда жана алардын сотко берилбеши, актылар берилген электр энергиясынын санын көбөйтүү максатында түзүлгөндүгү, доо берүү мөөнөтүн атайылап создуктуруу жана карызды эсептен чыгаруу үчүн өзгөчө шарттар түзүлгөндүгү жөнүндө күмөн жаратат.

Мындан сырткары, 2020-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча “Ош электр” ААКсы Ош бөлүштүрүүчү электр тармактар компаниясы тарабынан сатылган электр энергиясы боюнча дебитордук карыз жөнүндө маалыматтын негизинде, өнөр жай категориясындагы керектөөчүлөрдүн өз ара эсептешүүлөрүнүн тууралыгына текшерүү жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгында, 56783,52 кВт саатка 143377,3 миң сом суммасындагы дебитордук арызды негизсиз ашыруу аныкталган.

## 5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

### 5.1 Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (Министрлер Кабинети), мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү



“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысысыз жогорку органы болуп эсептелет, өз ишинде КР Президентине жана Жогорку Кеңешине отчет берет.

2021-жылы КР Президентинин Аппаратынан (КР Президентинин Администрациясынан) жана КР Жогорку Кеңешинен Эсептөө палатасына 242 суроо-талап, тапшырмалар, каттар жана документтер келип түшкөн.

2021-жылдын ичинде Эсептөө палатасынын дарегине КР Президентинин Аппаратынан (КР Президентинин Администрациясынан) ар кандай маалыматтарды берүү боюнча 132 кат келген. Ошондой эле, Эсептөө палатасы тарабынан КР Президентинин Аппаратынын (КР Президентинин Администрациясынын) дарегине, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 43 отчет жөнөтүлгөн.

КР Жогорку Кеңешинен 110 кат келип түшкөн, анын ичинен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча отчетторду жана маалыматтарды берүү жөнүндө 24 суроо-талап, аудит жүргүзүү жөнүндө 7 тапшырма, отурумдарга жана талкууларга 49 чакыруу, жана башкалар - 30.

Эсептөө палатасынын Кеңеши кабыл алган токтомдордун негизинде, Эсептөө палатасынын демилгеси менен КР Жогорку Кеңешинин дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 49 отчет жана корутунду жөнөтүлгөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө 13 отчет жөнөтүлгөн.

Мындан тышкары, бюджеттик мыйзамды жакшыртуу боюнча иш алкагында, Эсептөө палатасы КР Бюджеттик кодексинин 130-беренесинде көрсөтүлгөн, финансылык тартип бузгандыгы үчүн, мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жоопкерчиликке тартуу механизмдерин жакшыртуу боюнча Министрлер Кабинетине сунуш киргизгендигин, белгилей кетүү керек.

Финансылык тартип бузуу фактылары аныкталган учурда Эсептөө палатасы, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Президентке, Жогорку Кеңешке, Министрлер Кабинетине, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тийиштүү жетекчилерине мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык тартип бузууга жол берген күнөөлүү кызмат адамдарын ээлеген кызмат орундарынан бошотуу тууралуу сунуштарды киргизет.

### 5.2 Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Отчеттук мезгил ичинде укук коргоо органдарынан аудиттерди дайындоо жөнүндө 14 токтом жана суроо-талап келип түшкөн (прокуратура органдары – 2; улуттук коопсуздук органдары – 2; финансылык полиция органдары – 2; ички иштер органдары – 8). Укук коргоо органдарынын 9 токтому боюнча аудит жүргүзүүдөн баш тартылган, КР ИИМдин 1 суроо-талабы жана 2 токтому боюнча “Манас” Эл аралык аэропорт” ААКсына эки аудитордук иш-чара жүргүзүлгөн; прокуратуранын 2 суроо-талабы пландуу аудиттердин алкагында каралган.

Жогоруда жүргүзүлгөн аудиттерди эске алуу, ошондой эле Эсептөө палатасынын демилгеси менен, тиешелүү кароо үчүн укук коргоо органдарына 6 004,2 млн сом суммасындагы аудиттин 58 материалы жөнөтүлгөн. Анын ичинен, прокуратура органдарына – 5 981,0 млн сомго аудиттин 42 материалы; улуттук коопсуздук органдарына – 23,2 млн сомго аудиттин 15 материалы; ички иштер органдарына – суммасы жок аудиттин 1 материалы. Бардыгы болуп 15 312,6 миң сом кайтарылган.

Аудиттин 58 материалын кароонун жыйынтыгы боюнча укук коргоо органдары менен жүргүзүлгөн салыштыруу боюнча 22 жазык иши козголгон, айыптоо коюу менен сотко 6 жазык иши жөнөтүлгөн, 7 жазык иши кыскартылган, 9 иш токтотулган. Башка жазык иштеринин материалдарына аудиттин 10 материалы тиркелген; аудиттин 12 материалы боюнча тиешелүү текшерүү иш-аракеттери жүргүзүлүүдө; аудиттин 1 материалы боюнча сот экспертизасы дайындалган; аудиттин 10 материалы боюнча прокурордук чара көрүүнүн 11 актысы чыккан, анын жыйынтыгы боюнча кызматтагы

3 адам жоопкерчиликке тартылган; прокуратура органдары менен аудиттин 3 материалы боюнча тиешелүү маалымкат түзүлгөн жана жазылган фактылар эске алынган.

### 5.3 Эл аралык кызматташуу

***Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI), Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI), ECO (экономикалык кызматташуу) өлкөлөрүнүн жогорку аудит органдарынын эл аралык уюмунун (ECOSAI) алкагында кызматташуу***

INTOSAI Өнүгүү Демилгесинин колдоосу менен, отчеттук жыл ичинде Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан Эсептөө палатасынын стратегиялык планын, кийинки жылдык операциялык пландарды жана Эсептөө палатасынын отчеттуулугу жана мониторинг жүргүзүү жол-жоболорун иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

2021-жылдын 26--28-январында видео-конференц-байланыш (ВКБ) режиминде “Кризиске жана жакырчылыкка көңүл буруудa аудиттин жогорку органдарынын ролу” темасында ASOSAI семинары өткөн. Эсептөө палатасынын кызматкерлери COVID-19ду камтуу менен, кризистин ар кандай түрү жана пайда болуучу кризиске көңүл бурууга даярдануу боюнча ASOSAI аудиттин жогорку органдарынын (мындан ары – АЖО) изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын угушкан.

2021-жылдын 30-мартында ВКБ форматында туруктуу өнүгүү максаттары жана туруктуу өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча INTOSAIнин Жумушчу тобунун жыл сайынкы экинчи жолугушуусу өткөн. Эсептөө палатасынын кызматкерлери АЖОнун эл аралык стандарттарынын негизинде, туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашырылышына аудит жүргүзүүдө INTOSAIнин аудиттин жогорку органдарынын мисалдарын угушкан.

2021-жылдын 21-22-апрелинде Эсептөө палатасынын кызматкери ВКБ форматында INTOSAIдын төрагалыгы астында Биринчи эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышкан. Бул конференцияда INTOSAIдын бүтүндөй коомчулугу үчүн, төмөндөгүлөр сыяктуу абдан маанилүү жана олуттуу темалар баяндалган:

- “Өзгөчө кырдаалдар учурунда жана андан кийин мамлекеттик башкаруу практикасынын эволюциясы жана мамлекеттик сектордун аудити”;
- “Онлайн билим берүү - жаңы ченемби же убактылуу чечимби?”;
- “Туруктуу өнүгүү максаттарына аудит”.

2021-жылдын 7-8-сентябрында ВКБ форматында ASOSAIдын 8-симпозиуму жана ASOSAIнин 15-Ассамблеясы болуп өткөн. Ассамблеянын алкагында ASOSAI аудитордук комиссиясына жана ASOSAIдын башкаруу Кеңешине шайлоо өткөн.

ЭКОСАИдын иш планы алкагында, 2021-жылдын 25-ноябрында “Мамлекеттик карызга аудит” темасында онлайн семинар болгон, ал тажырыйба, билим алмашууга жана дискуссияларга багытталган.

2021-жылдын 30-ноябрында Эсептөө палатасынын кызматкерлери “АЖО аудити кандай таасир берет?” темасында IDI глобалдуу саммитине катышышкан. Саммит аудиттин таасирин күчөтүү боюнча тажрыйба жана пикир алмашууга жана таасир берүүнү негизги факторлору жөнүндө ой жүгүртүүгө багытталган.

***Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын кызматташтыгы***



Пакистандын Исламабад шаарында ШКУ мүчө мамлекеттердин V Жолугушуусун өткөрүү, COVID-19 пандемиясына байланыштуу токтотулган жана 2022-жылга которулган.

COVID-19 пандемиясы турукташкан сайын, 2022-жылдын 31-мартында ШКУ мүчө-мамлекеттердин жогорку аудит органдарынын жетекчилеринин 5-кеңешмеси Исламабад, Пакистан Ислам Республикасы, ВКБ форматында болуп өттү. Иш-чара Пакистандын Башкы аудитордук кеңсеси тарабынан уюштурулган

Иш-чаранын күн тартибине төмөнкү маселелер кирди:

1. Акыркы жыйындан кийин аткарылган Иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчет;
2. «COVID-19 менен күрөшүүгө бөлүнгөн чыгашалардын аудити боюнча билим жана тажрыйба алмашуу» тематикалык сессиясы;
   • 1-кичи тема: ТӨМгө жетишүүгө COVID-19 таасири;
   • 2-кичи тема: Обочолонгон аудит.
3. АЖО ШКУ кызматташтыгынын алкагында иш-чаралар планын кароо жана бекитүү 2022–2023;
4. ШКУга мүчө мамлекеттердин ББАларынын ортосунда рецензия (пер-рецензия) жана бирдей аудит жүргүзүү маселеси;
5. ШКУга мүчө мамлекеттердин АЖО лидерлеринин кезектеги жолугушуусу.

***Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында кызматташуу***



2021-жылдын 16-февралында ВКБ форматында КМШ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдарынын мамлекеттик финансылык контролдоо стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун 16-отуруму болуп өткөн. Биргелешкен жана бирдей контролдук жана эксперттик иш-чараларды (аудитти) жүргүзүү боюнча методикалык сунуштар жана “КМШ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдарынын маалыматтык өз ара аракеттенишинин” стандарты жана 2021-2023-жылдарга Жумушчу тобунун иш планы каралган жана жактырылган.

2021-жылдын 26-мартында ВКБ форматында Тажикстан Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы астында, КМШ мүчө мамлекеттеринин АЖО жетекчилер Кеңешинин XIX сессиясы өткөн. Корутунду документтерге кол коюлуп, Кеңештин курамына Өзбекстан Республикасынын Эсептөө палатасы кабыл алынган. КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик АЖО жетекчилер Кеңешинин кийинки XX сессиясын 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында өткөрүү чечими кабыл алынган.

2021-жылдын 20-декабрында ВКБ форматында финансылык контролдоонун жогорку органдарынын мамлекеттик финансылык контролдоонун стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун 17-отуруму өткөн. Жумушчу тобунун мүчөлөрү “КМШ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдарынын АЖО ишиндеги тобокелдикке багытталган мамилени колдонууга багытталган мүмкүн болуучу багыттар жөнүндө” жана “КМШ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдарынын АЖОсунун топтолгон финансылык отчеттуулугуна жүргүзүлгөн аудитке карата мамилелер жөнүндө” темасында Эсептөө палатасындагы коллегалардын баяндамалары угулду.

2021-жылдын 22-декабрында “Туруктуу өнүгүү максаттарына аудит” семинары болуп өткөн. Иш-чара алкагында катышуучулар тарабынан Эсептөө палатасынан төмөндөгү маселелер каралды жана талкууланды:

- АЖО ишинде туруктуу өнүгүү темасынын мааниси;
- Туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашырууга карата мамлекеттик башкаруу тутумунун даярдыгына аудит жүргүзүү боюнча Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын тажрыйбасы;
- IDI Туруктуу өнүгүү максаттарына аудиттин модели.

2021-жылы КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында, Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын тажрыйба алмашуу боюнча жолугушуунун жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан төмөндөгүдөй темалар боюнча ВКБ форматында төмөнкү маалыматтар каралды:

- “Аудиттин сапатын контролдоо”;
- “Россия Федерациясынын Эсептөө палатасында Jira долбоорлорун башкаруу тутумун колдонуу”;
- “АЖО ишинин ачыктыгы”;
- “Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын сунуштарын ишке ашыруу маселелери боюнча”;
- “Натыйжалуулук аудитинин жана стратегиялык аудиттин алкагында контролдук жана эксперттик-аналитикалык иш-чараларды өткөрүү максатында гипотезаларды кантип даярдоо керек”;
- Контролдук жана эксперттик иш-чараларда сапаттуу ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү”.

***Евразиялык экономикалык бирлик алкагында кызматташуу***

2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге ылайык, Жогорку Евразиялык экономикалык кеңеш тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин органдарында тышкы аудит (контроль) жөнүндө Жобо бекитилген (2015-жылдын 16-октябрындагы № 33). Эсептөө палатасынын кызматкерлери жыл сайын ЕАЭБ органдарында тышкы аудит жүргүзүүгө катышат.

Отчеттук жылы жогоруда көрсөтүлгөн контролдук иш-чаралар Россия федерациясынын Эсептөө палатасынын жана Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын төрагалыгы астында жүргүзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан 2021-жылдын августунан октябрына чейин, ЕАЭБ органдарында тышкы аудит жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, ЕАЭБ мүчө өлкөлөрү тарабынан тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрдүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколго жыл сайын тышкы аудит жүргүзүлөт. Коронавирустун жайылышына байланыштуу чектөөлөр болгондугун эске алуу менен, иш-чара өз өлкөсүндө аудиттин ар органы тарабынан жүргүзүлгөн.

Мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарын текшерүү боюнча биргелешкен контролдук иш-чараларды өткөрүү жыйынтыктары жөнүндө актынын долбоорун бекитүү маселеси боюнча ЕАЭК жана ЕАЭС мүчө мамлекеттердин жана Эсептөө палаталарынын өкүлдөрү менен видеоконференция өткөрүлгөн.

2022-жылы тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрдүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколго тышкы аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы астында жүргүзүлөт.

***Эки тараптуу кызматташуу***

2021-жылдын ноябрында жана декабрында Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн, Түрк Эсеп Соту уюштурган "INTOSAI стандарттарынын негизинде финансылык аудитти жайылтуу боюнча окутуу" темасында эки этап менен семинар өткөрүлгөн. Бул семинар TIKA кызматташуу жана координациялоо боюнча кызматташуу боюнча Түрк агенттигинин колдоосу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен Түрк Эсеп Сотунун ортосунда тажрыйба алмашуу алкагында өткөрүлгөн. Семинардын биринчи этабы 2021-жылдын 22-ноябрынан 25-ноябрына чейин ВКБ режиминде, ал эми экинчи этап 2021-жылдын 20-декабрынан 24-декабрына чейин Анкара шаарында өткөрүлгөн. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан финансылык аудиттин төмөндөгүдөй темалары боюнча тажрыйба каралган:

- аудиттин эл аралык стандарттарын киргизүү;
- алдын ала иш-аракеттер;
- финансылык аудитти пландоо;
- финансылык аудитти жүргүзүү этабы;
- отчеттуулук;
- кийинки байкоо/сапатты контролдоо.

## 5.4 Коомчулук менен байланышуу

Жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында колдонулган, Эсептөө палатасынын ишин уюштуруунун маанилүү аспаптарынын бири болуп, жарандык коом менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү эсептелет. Мекеме ачыктык жана айкындуулук саясатын активдүү түрдө алга жылдырууда жана жарандык сектор үчүн аудиттин жыйынтыктары жөнүндө отчеттордун жеткиликтүү болушу бөлүгүндө, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Мыйзамда белгиленген бардык ченемдерди аткарат.

2021-жылы коомчулукка маалымдоо, Эсептөө палатасынын расмий веб-сайтына пресс-релиздерди жана билдирүүлөрдү, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган, Эсептөө палатасы аудиттин эл аралык стандарттарына жана санариптештирүүгө өтүү алкагында жүргүзүлгөн реформалар жана аудиттердин жыйынтыгы жөнүндө билдирүүлөрдү, макалаларды жана интервьюларды жайгаштыруу жолу менен жүзөгө ашырылган. Отчет берилүүчү жылга карата Эсептөө палатасынын иши жөнүндө 138 пресс-релиз даярдалган жана жарыяланган. Сайтка чыккан бардык билдирүүлөр алдыңкы маалымат агенттиктери жана жаңылыктар сайттары тарабынан кайра басылып чыккан.

Республикалык жалпыга маалымдоо каражаттары жогорудагы пресс-релиздердин, интервьюлардын жана парламенттин отурумдарында жана башка иш-чаралардагы жетекчиликтин сүйлөгөн сөздөрүнүн негизинде, Эсептөө палатасынын ишине байланыштуу 670ге жакын материалдар жарыяланган.

Отчеттук жылы жарандардан жана ЖМКдан жазуу жүзүндө жана электрондук түрдө 15 кайрылуу келип түшкөн, бардык келип түшкөн кайрылуулар контролго коюлуп, "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралган.

Коррупцияга каршы күрөшүү максатында, Эсептөө палатасы тарабынан социалдык роликтер даярдалган, алар 2021-жылдын аягында жергиликтүү теле каналдардын эфиринен берилген.

Мындан сырткары, мезгил талабын эске алуу менен, конструктивдүү диалог форматында жарандык коом менен өз ара аракеттенишүү боюнча иштер улантылууда. Социалдык тармактардагы Эсептөө палатасынын баракчаларында актуалдуу жаңылыктар жеткиликтүү. Эсептөө палатасынын расмий сайты активдүү иштөөсүн уланткан. Өткөн жылга карата 100 миңден ашык интернет колдонуучу ага кирген. Отчеттук мезгилде, ыңгайлуулук жана ыкчамдуулук үчүн, Эсептөө палатасынын веб-сайтынын башкы барагына жүргүзүлгөн аудиттер жана башка ведомстволук иш-чаралар жөнүндө кыскача пресс-релиздер жайгаштырылган.

### 5.5 Жарандардын кайрылуулары боюнча иштөө

Отчеттук жылы жарандардан жазуу жана электрондук түрдө 66 кайрылуу келип түшкөн, бардык кайрылуулар контролго алынып, "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралган.

Эсептөө палатасынын дарегине республиканын бардык областтарынан жазып турушат. Арыздардын, кайрылуулардын жана сунуштардын көпчүлүк саны, Бишкек шаарынын тургундарынан келип түшкөн.

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөнү талдоо, Эсептөө палатасынын дарегине келип түшкөн көпчүлүк кайрылуулар жана арыздар, аларды чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же мамлекеттик органдардын түздөн түз компетенциясына кирген маселелерди козгоорун көрсөттү.

Кайрылуулардын жалпы агымын 3 негизги топко бөлүүгө болот:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши боюнча кайрылуулар;
2) мамлекеттик органдардын иши боюнча кайрылуулар;
3) эмгек акы жөнүндө кайрылуулар.

Келип түшкөн кайрылуулардын жалпы санынан, жарандардын 32 кайрылуусу же 48,8%, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жергиликтүү бюджеттин аткарылышына аудит жүргүзүү өтүнүчү менен кайрылуулар түзөт.

## 6. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2021-жылга Коррупцияга каршы иш-чаралар планы кабыл алынган.

Ведомстволук коррупцияга каршы иш-чаралар планын кабыл алуу менен, Эсептөө палатасы тарабынан КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-сентябрындагы №474 токтому менен бекитилген, "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планынын" жоболору эске алынган.

Аудиттерди жүргүзүү бөлүгүндө, жумуш процесстерин автоматташтыруу иши активдүү жүргүзүлүүдө.

Эсептөө палатасынын ички ченемдик документтерин жана Эсептөө палатасынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын инвентаризациялоо дайыма жүргүзүлүп турат.

Ошону менен бирге, Эсептөө палатасынын ишинин маалыматтык ачыктыгын жана айкындыгын камсыздоо үчүн, аудиттин жыйынтыгы боюнча отчеттор, маалыматтар жана пресс-релиздер үзгүлтүксүз жарыяланып турган расмий сайт иштейт.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жетекчилигине Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссиянын жана кадрдык орун алмаштырууну эске алуу менен Этика комиссиясынын курамын жаңыртуу жөнүндө сунуш киргизилген.

Жарандардын кайрылууларын ыкчам кароо максатында, Эсептөө палатасынын коомдук кабылдамасы иштейт. Отчеттук мезгилге карата мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ар кандай маселелери боюнча жарандарды 7 кабыл алуу болгон, алардын жыйынтыгы боюнча, аудит программаларын түзүүдө көрсөтүлгөн тобокелдиктерди эске алуу зарылдыгы жөнүндө, түзүмдүк бөлүмдөргө тиешелүү тапшырмалар берилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине келип түшкөн жарандардын жазуу жүзүндөгү жана электрондук кайрылуулары, “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат. Кайрылууларды жана арыздарды кароонун жүрүшүндө Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан коррупциялык көрүнүштөр жөнүндө маалыматтардын мазмунуна талдоо жүргүзүлөт.

“Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган тартипке толуктоо катары, Эсептөө палатасында “ишеним телефону” жана Эсептөө палатасынын WhatsApp номери аркылуу аудит объектилери жана жарандар менен кайрадан байланышуу уюштурулган. Эсептөө палатасынын “Ишеним телефону жөнүндө” Жобо жана кыскача эстеткич Эсептөө палатасынын расмий сайтында жайгаштырылган.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча “ишеним телефонуна” 22 билдирүү келип түшкөн жана 17 чалуу болгон, Эсептөө палатасынын ишине тиешелүү маселелердин мааниси боюнча, Эсептөө палатасындагы коррупциялык жана башка укук бузууларды профилактикалоого багытталган чаралар кабыл алынган. Аларды чечүү Эсептөө палатасынын компетенциясына кирбеген маселелер боюнча, тиешелүү түрдө түшүндүрмөлөр берилген.

2021-жылы “ишеним телефону” аркылуу келип түшкөн 1 кайрылуу боюнча, Эсептөө палатасынын кызматкерине карата кызматтык териштирүү жүргүзүлгөн.

Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш-чаралар алкагында, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ведомстволук актыларын инвентаризациялоо, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу, кесиптик этиканы жана аудит объектилери менен маалыматтык түшүндүрүү иштерин жакшыртуу боюнча иштер андан ары жүргүзүлөт.

# 7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

## 7.1 Методологиялык камсыздоо

2021-жылы Эсептөө палатасы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын жакшыртууну жана аларды методологиялык камсыздоону, өзүнүн кызматкерлеринин

потенциалын өнүктүрүүнү камтуу менен, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү боюнча ишти улантты.

Эсептөө палатасында аудитти жүргүзүүнүн методологиялык базасын инвентаризациялоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча колдонуудагы 20 сунуштар жана окуу куралдарынын болгондугу аныкталды. Аппарат жетекчисинин тапшырмасын аткаруу менен, инвентаризацияланган документтерди кодификациялоо жана талдоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Буга катар эле, эл аралык макулдашууларга инвентаризация жүргүзүлгөн.

2021-жылы Эсептөө палатасы тарабынан негизинен шайкештик аудити жүргүзүлгөн. Аудиттердин сапатын камсыздоо максатында, отчеттук мезгил ичинде түзүлгөн Жумушчу тобунун алкагында шайкештик аудити боюнча колдонмону жеткире иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Методикалык колдонмолор жана аудиттин жумушчу формалары жеткире иштелип чыккан. Учурда, бул багытта иштер жүрүп жатат.

Аудиттин эл аралык стандарттарын күнүмдүк практикага жайылтуунун мааниси, аудитти жүргүзүүнүн негизги принциптеринде жана анын сапатын баалоо критерийлеринде, методологиянын бирдигинде турат, бул болсо, аудиттин жыйынтыктарынын аныктыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат. Аудиттин жогорку органдары үчүн эл аралык стандарттарга өтүү, мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет жана коррупцияга каршы иш-чаралардын маанилүү элементи болуп эсептелет.

Отчеттук мезгилде Эсептөө палатасынын ишин методологиялык камсыздоо, Эсептөө палатасынын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн. Финансылык аудит, натыйжалуулук аудити жана шайкештик аудити сыяктуу аудиттин түрлөрүн Эсептөө палатасынын ишинде жайылтууну методологиялык камсыздоо боюнча иштер улантылууда.

## 7.2 Кадрдык камсыздоо

2021-жылы Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын штаттык саны 206 бирдикти түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө 183 бирдик өз ордунда иштеп турган, анын ичинен:

- борбордук аппаратта -114;
- КР Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүндө - 29.
- КР Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшүндө - 12.
- КР Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүндө - 28.

Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

Мамлекеттик кызматчылардын сапаттуу курамы төмөндөгү маалыматтар менен берилет:

- **гендердик курамы** боюнча: мамлекеттик кызматчылардын 76 пайызын эркектер, 24 пайызын аялдар түзөт;
- **билим деңгээли боюнча**: баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 25 пайызы эки же андан ашык жогорку билимге ээ. Төрт мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ;
- **адистиги боюнча**: мамлекеттик кызматчылардын 90 пайызы экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы билимге ээ, юридикалык жана гуманитардык - 4 пайыздан болсо, башкалары – 2 пайыз.

Отчеттук жылы:

– мамлекеттик кызматчылардын ишин баалоо жана өткөрүлгөн ачык конкурстун жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын кадрлар резервине - 34 адам кирген;

– иштен бошонгондор (ээлеген кызматынан бошонгондор) боюнча: борбордук аппаратта – 1 кызматкер (мамлекеттик органдардын ички ротациясы); аймактык бөлүнүштөрдө – 10 кызматкер, анын ичинен 5 кызматкер – өз каалоосу менен, 1 кызматкер – тараптардын эркинен сырткары жагдайлар боюнча эмгек келишимин токтотуу, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 88-беренеси, 4 кызматкер - мамлекеттик органдардын ички ротациясы;

– 8 кызматкер дайындалган, анын ичинен Борбордук аппарат боюнча 4 кызматкер (2 кызматкер - мамлекеттик органдардын ички ротациясы, 2 кызматкер – ведомстволор ортосундагы ротация); аймактык бөлүнүштөрдүн 4 кызматкери - мамлекеттик органдардын ички ротациясы.

Техникалык жана кенже тейлөөчү персонал боюнча 4 кызматкер иштен бошонгон, 4 кызматкер ишке кабыл алынган.

***Окуу планына ылайык Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу, кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу***

Эсептөө палатасынын төрагасынын 11.11.2021-жылдагы № 10-6/107 буйругуна ылайык, мамлекеттик кызматчыларына окуу өткөрүлгөн. Мамлекеттик заказдын алкагында борбордук аппараттын 22 кызматкери “Ишкер кыргыз тили” курсун аяктады .

**Эсептөө палатасынын кызматкерлери төмөндөгү семинарларга жана жолугушууларга катышкан*:***

– электрондук мамлекеттик сатып алуулар, контракттык администрлөө боюнча бизнес-процесстерди талкуулоо боюнча тегерек үстөл (ЮСАИДдин ишке ашырылып жаткан “Бюджеттик отчеттуулук жана туруктуу соода” долбоорунун алкагында) – 3 кызматкер;

– “Маалыматка жетүү укугу жөнүндө” жана “Маалыматка жетүү укугунун маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлорун талкуулоо боюнча тегерек үстөл – 1 кызматкер;

– тышкы аудиторлор жана карыздарды тескөөчүлөр үчүн, карызды тескөөнүн натыйжалуулугун баалоо боюнча Дүйнөлүк Банктын виртуалдуу регионалдык семинары – 1 кызматкер;

– мамлекеттик сатып алуулардын онлайн аспабы боюнча ЕӨРБ менен видеоконференция – 10 кызматкер;

– “Мамлекеттик сатып алуулардын ачыктыгын жана натыйжалуулугун жогорулатуу” темасында мамлекеттик сатып алуулар боюнча эл аралык форум – 2 кызматкер;

– “Кыргызстанды каржылоонун комплекстүү улуттук механизмдери” программасы боюнча Open Contracting Partnership өкүлдөрү менен таанышуу жолугушуусу – 2 кызматкер.

**Онлайн семинарлар, окутуу жана жумушчу жолугушуулары:**

– Натыйжалуулук аудитин күчөтүп окутуунун эл аралык программасы – 2 кызматкер (1 ай);

– Бюджеттик каражаттардын чыгымдалышына мониторинг жүргүзүү жана контролдоо – 10 кызматкер;

– INTOSAI алкагында туруктуу өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү жана туруктуу өнүгүү максаттары боюнча Жумушчу тобунун жыл сайынкы экинчи отуруму – 11 кызматкер;

– “Мамлекеттик аудиттеги сапатты башкаруу” темасында семинар-тренинг – 3 кызматкер;

– “Туруктуу өнүгү максаттарына аудит” темасы боюнча туруктуу өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн жана INTOSAIнин Өнүгүү демилгелеринин жана туруктуу өнүгүү максаттары боюнча INTOSAIнин Жумушчу тобунун биргелешкен семинары – 2 кызматкер;

– АЖО аудиторлорун (PESA-P) кесиптик окутуунун пилоттук программасына катышуу – 4 кызматкер (01.08.2021-жылдан 30.06.2022-жылга чейин);

– “INTOSAI стандарттарынын негизинде финансылык аудитти жайылтуу боюнча окутуу” – 10 кызматкер жана “Финансылык аудит боюнча окутуу” темасында семинар-тренингтер – 10 кызматкер (Түрк Республикасы, Анкара шаары).

**Тажрыйба алмашуу, окууларды өткөрүү боюнча Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын демилгесинин алкагындагы иш-чаралар:**

– “Россия Федерациясынын Эсептөө палатасында отчеттордун сапатын баалоо тутуму” темасында КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин өкүлдөрү үчүн тажрыйба алмашуу боюнча семинар – 11 кызматкер;

– “Аудиттин сапатын контролдоо: негизи жана практикалык аспаптар” темасында КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин өкүлдөрү үчүн тажрыйба алмашуу боюнча экинчи семинар – 7 кызматкер;

– “Jira долбоорлорун башкаруу платформасын колдонуу” темасында КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин өкүлдөрү үчүн тажрыйба алмашуу боюнча үчүнчү семинар – 7 кызматкер;

– КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын тажрыйбасын алмашуу боюнча жолугушуулардын алкагында Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын сунуштарын ишке ашыруу маселелери боюнча семинар – 5 кызматкер;

– “РФ Эсептөө палатасынын иши жөнүндө жыл сайынкы отчетту даярдоо”, “Аудитке карата стратегиялык мамиленин ишке ашыруунун жүрүшүндө колдонулган программаларды жана долбоорлорду баалоо критерийлери”, “Стратегиялык аудиттин максаты үчүн өзгөртүүлөр теориясы” темасында КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин өкүлдөрү үчүн тажрыйба алмашуу боюнча семинар – 3 кызматкер;

– “Натыйжалуулук аудитинин жана стратегиялык аудиттин алкагында контролдук жана эксперттик-аналитикалык иш-чараларды жүргүзүү максатында, гипотезаны кантип түзүүгө болот” темасында биринчи вебинар - 4 кызматкер;

– “Контролдук жана эксперттик-аналитикалык иш-чараларга сапаттуу ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү” темасында экинчи вебинар – 4 кызматкер.

**Квалификацияны жогорулатуу:**

– JDS долбоорунун алкагында конкурстук тандоодон өтүп, 2021-2023-жылдар мезгил аралыгында магистрдик программа боюнча Рицумейкан университетине эки жылдык окууга жөнөтүлгөн – 1 кызматкер (коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу). Ушул эле университетте 2020-2022-жылдар мезгил аралыгына карата 1 кызматкер окуп жатат;

– 2021-2023-жылдар мезгил аралыгына карата Нанкин Аудит университетинде (Кытай Эл Республикасы) 2 жылдык окуу боюнча 1 кызматкер конкурстан өткөн.

***Эсептөө палатасынын кызматкерлерин сыйлоо жана жаза чараларын колдонуу***

Отчеттук жыл ичинде төмөндөгүдөй тартип жазалары колдонулган: 6 мамлекеттик кызматчыга - “сөгүш”, 5 мамлекеттик кызматчыга -“эскертүү”.

Төмөндөгүлөр сыйланган:

- КР Эсептөө палатасынын сыйлыктары менен КР Эсептөө палатасынын 83 кызматкер жана 31 мамлекеттик кызматкер;
- КР Өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен КР Эсептөө палатасынын 1 кызматкери;
- КР ӨКМдын  сыйлыктары менен – 4 кызматкер.

## 7.3 Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү



Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын, Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2020-жылдын 17-декабрындагы №64 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусунда санариптик технологияларды активдүү жайылтуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Эсептөө палатасы өз ишмердүүлүгүнө маалыматтык технологияларды жайылтуу боюнча ишти жүргүзүүдө.

Бүгүнкү күнү Эсептөө палатасынын ишинде маалыматтык технологияларды жайылтуу жана колдонуу – бул, мамлекеттик  аудиттин жогорку органынын натыйжалуулугун жогорулатуу факторлорунун бири жана маанилүү тенденция. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жаңы сапаттуу денгээлде мамлекеттик аудитти жүргүзүү боюнча Эсептөө палатасынын ишин санариптик маалыматтык камсыздоону эске алуу менен, жаңы милдеттерди ишке ашыруу үчүн өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктайт, ал жерде аналитикалык иш жана аудитти колдоо үчүн, санариптик инфраструктурасын түзүү милдети өзгөчө белгиленген.

Текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча  финансылык тартип бузууларынын жана башка бузууларды так аныктоо үчүн, эл аралык уюмдардын (Евросоюз) эксперттеринин катышуусу менен, финансылык тартип бузууларынын жана башка бузуулардын электрондук классификатору (1С программасында)  иштелип чыккан жана колдонулууда. Программага Эсептөө палатасынын бардык инспекторлору окутулган жана тутумга Эсептөө палатасынын бардык аймактык бөлүнүштөрү кошулган. Отчеттун бардык түрлөрү тескe салынган. Классификаторду толтуруу боюнча видео роликтер, ошондой эле, финансылык тартип бузууларынын классификаторун толтуруу үчүн пайдалануучунун колдонмосу иштелип чыккан.



Кызматкерлердин маалыматтары “E-kyzmat” адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык тутумуна киргизилген. жана документация “Infodocs” электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик тутумуна ылайык жүргүзүлө баштады.

Эсептөө палатасы ASOSAI (14 294,24 АКШ доллары өлчөмүндө) жана ARABOSAI (30 000 АКШ доллары өлчөмүндө) эл аралык аудитордук уюмдары тарабынан, COVIDден жабыркаган АЖО мүчөлөрү үчүн бөлүнгөн грантты алган. Бул финансылык каражаттар, информациялык технологиялар жаатында материалдык-техникалык базаны жакшыртуу, ошондой эле, Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиясын коргоо үчүн багытталган.

“Түндүк” ведомство аралык электрондук өз ара аракеттенишүү тутуму аркылуу КР Финансы министрлиги менен, күч түзүмдөрү боюнча маалыматтардан сырткары, экономикалык бюджеттик классификация жана беренелер боюнча чечмелөө менен, ведомстволук классификациялар боюнча “IS Казна” автоматташтырылган маалыматтык тутумда катталган, “Жыйынтык маалыматтарынын түзүлүшүн көзөмөлдөө үчүн бардык формалар менен мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет”, “Ведомстволук классификациялоо боюнча сметалар, анын ичинен, кирешелердин жана чыгымдардын толук көчүрмөсү менен, 2-форма жана 4-форма” маалыматтарын алмашуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Керектүү маалыматка ыңгайлуу жетүү жана издөө үчүн, Эсептөө палатасы электрондук архив тутумун жайылтты, ал, көп сандаган кагаз документтердин болушу, сактоочу жайдын жетишпестиги жана кол менен иштөөнүн натыйжасынын төмөндүгү көйгөйүн чечүүгө мүмкүнчүлүк берет жана электрондук архив тутуму, иштин өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүүгө, ошондой эле маалыматты ыңгайлуу издөөгө жардам берет.

### 7.4 Каржы-чарбалык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши КР Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

**2021-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы, млн сомдо**

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2021-жылга бекитилген смета | 2021-жылга такталган смета | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|
| Бюджет* | 218,9 | 235,1 | 230,6 |
| Фонд** | 21,9 | 21,9 | 21,8 |
| **Бардыгы:** | **240,8** | **257,0** | **252,4** |

** Эсептөө палатасын күтүүгө республикалык бюджеттен каржылоо;*

*** материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында Фонддун каржылоосу*

Аталган фонд Эсептөө палатасынын Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлеринин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.

Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмдарына мүчө алкагында, Эсептөө палатасына COVID-19 пандемиясына күрөшүү максатында, техникалык колдоо үчүн ASOSAIден (аудиттин жогорку органдарынын Азия уюму) 14 294,24 АКШ доллары же 1 210,7 миң сом жана ARABOSAI аркылуу Сауд фондусунан 30 000,0 АКШ доллары же 2 544,0 миң сом суммасында гранттык жардам бөлүнгөн, ал үчүн атайын эсеп ачылып, ага көрсөтүлгөн каражаттар топтолгон. 2021-жылы 2 391,8 миң сом суммасында негизги каражаттар (оргтехника) сатылып алынган, 1 362,9 миң сом суммасындагы каражаттардын калдыгы 2022-жылы өздөштүрүлөт.

Отчёттук мезгилде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, электрондук портал аркылуу товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы болуп, 48 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, Борбордук аппаратта – 24 жана аймактык бөлүнүштөрдө – 24.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 55-беренесине ылайык, Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугуна кезектеги аудит 2022-жылы (2017-2021-жылдарга) жүргүзүлөт.

## Корутунду

Отчеттук мезгилде Эсептөө палатасы 2021-жылга карата иш планда белгиленген бардык максаттарды жана милдеттерди толугу менен аткарды. Мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү боюнча иштер активдүү түрдө жакшырды. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө Мыйзам долбоору жана 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын долбоору иштелип чыкты.

2022-жылы Эсептөө палатасы отчеттук мезгилдеги жетишкендиктерди эске алуу менен, кийинки мезгилге боло турган максаттарды, милдеттерди белгилейт жана аныктайт.

Эсептөө палатасынын ишинин маанилүү аспекттеринин бири болуп, мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын, аудитордук иштин мыкты практикаларын адаптациялоо, аудитти методологиялык жана методикалык жактан камсыздоону жакшыртуу, ошондой эле эл аралык стандарттарга ылайык, кызматкерлерди кесиптик өнүктүрүү жана үзгүлтүксүз окутуу практикасы боюнча иштер эсептелет.

Албетте, Эсептөө палатасы мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын натыйжалуулугун, бюджеттик каражаттардын натыйжасыз пайдаланылышынын себебин, бюджеттик процессти жана колдонуудагы бүтүндөй мыйзамды, аудит объектисинин ишин жакшыртуу боюнча конкреттүү жазма буйруктарды жана сунуштарды иштеп чыгуу максатында, аналитикалык жалпылоонун камсыздалышына комплекстүү талдоо жүргүзүүнү улантат.

## Кыскартуулардын тизмеси:

**АӨБ** – Азия өнүктүрүү банкы
**АЖО** – Аудиттин жогорку органы
**АЧК** – Айыл чарбасын каржылоо
**БКЭ** – Бирдей казыналык эсеп
**ВКБ** –Видео-конференц-байланыш
**ЕАЭК** – Евразия экономикалык комиссиясы
**ЕАЭБ** – Евразиялык экономикалык биримдиги
**ЕРӨБ** – Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы
**ЖМК** – Жалпыга маалымдоо каражаттары
**ИДП** – Ички дүң продукт
**ИСК** – Ишкердик субъекттерин каржылоо
**КР** – Кыргыз Республикасы
**КР ЖК** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
**КР МК** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети
**КРӨ** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү
**КР ӨКМ** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги
**КР ССМ** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги
**МБК** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы
**МСК** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы
**КР СФ** – Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду
**ММКФ** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду
**КМШ** – Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги
**КММ** – Күйүүчү-майлоочу материалдар
**КНС** – Кошумча нарк салыгы
**МИ** – Мамлекеттик инвестициялар
**ММК** – Милдеттүү медициналык камсыздоо
**НБТ** – Натыйжалуулукту баалоо тутуму
**РБ** – Республикалык бюджет
**СФРБ** – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун райондук башкармалыгы
**ТӨМ** – Туруктуу өнүгүү максаттары
**ТӨНК** – Туруктуу өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрү
**ТМБ** – Товардык-материалдык баалуулуктар
**ШКУ** – Шанхай кызматташтык уюму
**ЭВФ** – Эл аралык валюталык фонд
**ASOSAI** – Жогорку аудит органдарынын Азиялык уюму (Asian Organization of Supreme Audit Institutions)
**ECOSAI** – Экономикалык өз ара жардамдашкан өлкөлөрдүн жогорку контролдоо органдарын уюштуруу (Economic Cooperation Organization of Supreme Audit Institutions)
**INTOSAI** – Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (International Organization of Supreme Audit Institutions)
**ISSAI** – Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттары (International Standards of Supreme Audit Institutions)
**IDI –** ИНТОСАИ өнүктүрүү демилгеси (INTOSAI Development Initiative)
**TIKA** – Түрк кызматташтык жана координациялоо агенттиги